**ТОКТОБОЛОТ АБДУМОМУНОВ**

# АЛДАР КӨСӨӨ

Бишкек – 2014

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4
А13
**Абдумомунов Т.**
А13 **Алдаркөсөө. -** Б.:2014.-186 б.
ISBN 978-9967-465-74-9

"Алдар көсөө" комедиясы - адамдагы тубаса артисттик, көз боочулук жана аргандай кыйын кырдаалдан чыга билген жөндөмдүүлүк эл арасынан чыккан шайырлардын абзели катары илгертеден бери эле келе жаткандыгын айгинелечүү чыгарма.

"Алдар көсөө" аркылуу азыркы көрүчүгө, окуучуга айтчу ыймандай сыры барлыгынан чыгарманы жазды. Драматург элдик сүжеттерди иштөө менен элдин көркөм көз карашына, эстетикасына азыркы учурдун бийиктигинен ой жүгүртөт.
Алар жаңы турмуштун сырын кайрадан ачууга да көмөктөшөт.

Бул комедиясын жазуу менен драматург элдик оозэки адабияттын арсеналында профессионал жазгычтарга соолбос булак оңдүү пайдаланчу материалдар молдугун далил деди; экинчиден, андагы учурда да тарбиялык мааниге ээ. Ушул чыгармасында Т.Абдумомунов өз мезгилинин туундусу катары турмуштук позициясын, жеке принцибин бир жолу ырастады.

УДК 821.51
А4702300100-14 ББК 84 Ки 7-4

ISBN 978-9967-465-74-9
©Абдумомунов Т., 2014

**КАТЫШУУЧУЛАР:**

1. Алдар көсөө.
2. Эркайым.
3. Айнагүл.
4. Жанчар.
5. Сейдене.
6. Ниязгул.
7. Чатек.
8. Ашпозчу.
9. Чынарбай.
10. Шеркул.
11. Жигитбашы.
12. Чимилтен жана башкалар.

Пьеса элдик легенданын негизинде жазылды.

## БИРИНЧИ КӨШӨГӨ
## БИРИНЧИ СҮРӨТ

Түн. Жанчардын ордосу. Жанчар жалгыз. Чүкөдөй болуп, чүрүшүп-бүрүшүп тагында олтурат. Көздөрүн жылтыратып, астыртан күлмүңдөйт.

Ж а н ч а р*(кыткылыктап)*.

Бүгүнкүдөй кубанган эместирмин, а!.. Эмнеге дейсиңерби?.. Айтпайын дедим эле, өз эмессинерби, айтса айтайын. Мени менен акыл жарыштырамын деп, жана түшкө маал Берик хан келип калыптыр, укуруктай болуп... Мына кызыкты көрсөң!.. Ашкан акылман дешип, жерге-сууга тийгизбей мактап жүрүшчү эле, көрсө, анык көк мээ турбайбы!.. Бул жалгандын ырахаты эмне десем, ботом, кайдагы бир болбогон немелерди былжырап, жовап табалбай... О, Берик хан болбой жер соргур десе!.. Хан имиш дагы!.. Бул жалгандын үч гана ырахаты бар. Ошолорду айтканымда, Берик хандын жети өмүрү жерге кирип... Челек чапкандай эле чаптым го кайран өзүм! ( Тагынан түшүп, кыткылыктайт. Овонго кошуп).

...Кумурска бел, Көкөм, ай,

Үзүлүп кетер бекен, ай, - деп илгери-илгери кызыл тилдүү, жез таңдай казак акыны ырдаган экен, ау, чиркин!.. (Бийлемиш болуп, нары-бери тейтеleңдеп.) Үзүлүп кетер бекен, ай!.. Үзүлүп кетер бекен, ай! (Бирдеңкеге чалынып жыгылат.) Мен өлгөндө

топуракка көмбөй, өңкөй кумурска белдер менен көөмп коюшса эмне!.. Түгөт алгырдын кумурска белин мынча эмне ширин жаратты экен, а!..

(Чоң табакка эт көтөүп, Шеркул кирет.)

Ш е р к у л. Кулдугум бар, таксыр. Баглан козунун эти.

Ж а н ч а р (дсаторконду көздү жылып). Анткени менен Бирик ханды катырдым ээ, Шеркулум?..

Ш е р к у л. Катырганды айтасыз да, таксыр... Токоч кылып салдыңызбы!.. Жаман жери...

Ж а н ч а р. И, эмне унчукпай калдын?..

Ш е р к у л (сакалы мене ойноп). Берик ханды чон адам го десем... Жаңылып жүрүпмүн... Жеңилип атса да, мен жеңдим деп көкүрөгүн койгулап... Сизден акылдуусунуп... Сизге таш ыргытып... Сизден башка болсо ошо замат адебин колуна берет эле...

Ж а н ч а р. Берет беле?..

Ш е р к у л. Берет болчу. Сиз ооз ачкан жоксуз. Эчтеме болбогонсуп, шаан-шөкөт менен жаркыратып туруп жолго салдыңыз. (Чымынды чаап.) Берик хан эртен эле жаят...

Ж а н ч а р. Эмне деп?

Ш е р к у л. Жанчар хан менден жеңилип калды, ооз басырык кылыш үчүн дүр-дүнүйөгө бөлөп, ааламда жок сый менен узатты деп... (Эки жагын карманып.) Таш ыргытканга таш ыргытыш керек болчу!

Ж а н ч а р. Ата-бабадан келаткан сөз бар, Шеркулум, "Таш ыргытканга аш ыргыт", - деген.

Ш е р к у л. Бүгүн бар да, эртең жок.

Ушундай экен дүйнө бок, - дейт, таксыр. Дүйнө көз ирмемде өзгөрүлүп турат. Берик хан жеңилгенин мойнуна албай, бет тырмалык кылды, андай немени ого бетер маскара кылып жиберсеңиз болмок!

Ж а н ч а р (көзүн сүзүп, ойлуу). Кай бирөөлөр ойлосо керек, баарынан кымбат алтын болот деп... Бекер сөз. Баарынан кымбат адам. Берик хан адам да!..

Ш е р к у л. Таксыр!..

Ж а н ч а р. Болду, Шеркулум! Телегеийи тегиз бир да жан болбойт. Кечире билген жакшы. (Күлмүңдөп.) Сенин деле итчилигиң көп. Дайыма эле кечирип жүрбөйүмбү.

Ш е р к у л. Таксыр!..

Ж а н ч а р. Тек!.. Азыр эле айтпадымбы, Берик ханды жеңип, кубанчым койнума батпай турат деп... Мага өтө жеңгеним эле жетет... Силер эмне, кубанган жоксуңарбы?..

Ш е р к у л. Канткенде кубанбайлы... Кубанганыбыздан жүрөгүбүз айрылып кете жаздап... Ошончодон бир гана киши кабагын ачкан жок.

Ж а н ч а р. Ким?

Ш е р к у л. Увазириңиз.

Ж а н ч а р. Увазиримби? Шаймерген мырзабы?

Ш е р к у л. Ооба, таксыр.

Ж а н ч а р. Мына кызыкты көрсөң!..
Шаймерген мырза увазир болгонуна бир ай өтпөй атып, сени апкелип жүздөштүрдү. Экөөбүз беш ата өткөн тууган экенибизди билчу эмеспиз, мурда. Ыраспы?

Ш е р к у л. Ырас, таксыр.

Ж а н ч а р. Шаймерген мырза ар качан мактайт, Шеркул мыкты жигит, экөөбүзмоюндашып өскөн курбубуз деп... Эми ошондой адамга жамандык ойлосоң дурус болбойт го. Ойлоп бакчы. Адамгерчиликке  коошпой жүрбөсүн, я?..

Ш е р к у л. Ат күлүгү чоң чабышта сыналса, киши күлүгү чон иште билинет турбайбы, таксыр.

Ж а н ч а р. Көрчү, ой!.. Жарайсын, Шеркулум!.. Адамдын пейлинин ак-каралыгы ырастан эле даражага жеткенде байкалат. Туура. Бүгүн Шаймерген мырза кабагын ачпай отурду. Мен да Байкадым. Бирок ал көптөн бери сыркоолоп жүрбөбү.

Ш е р к у л. О, улуу урматту таксыр!.. Анын түнөргөнүнө кыйла болду. Сыркоодон эмес. Өткөн жыйында сиз сүйлөбөдүңүз беле... Ошондо сизден көзүбүздү алганыбыз жок, чечендигиңизге жыргап отурдук. Увазириңиз болсо жактырбагандай жер карап... Деги, атасы тектүү болгону менен, жатыны жаман... Энеси күңдүн кызы эмес беле!

Ж а н ч а р. Билем, Шеркулум.

Ш е р к у л. Ошондон улам го дейм. Кул-кутандарга жан тартат окшойт. Баарынан да, сизди теңсинбегендей текебер караганын көргөнүмдө күйбөгөн жерим күл болуп...

Ж а н ч а р. Болду, Шеркулум, болду. Шаймерген мырза жамандык ойлосо, кудайдан жетсин. Мен ойлобойм. Колумдан келсе жакшылык кылганым кылган.

Ш е р к у л. Таксыр!..

Ж а н ч а р. Тек!.. Кыйынсынган Берик хандын өзүн көтөрүп уруп, көңүлүм башкада турса... (Овонго кошуп):

...Кумурска бел, Көкөм, ай,

Үзүлүп кетер бекен, ай.

Түгөт алган кумурска белдер улам-улам азгырышып... Сага да таап берем кумурска белди, атасынын көрү!.. Азыр эле...

Шеркул (Жанчардын бутун кучактап). Антпеңиз, таксыр! Адамзаттын акылманы, чыгааны сизге теңелгидей кутуруп кетипминби?! Кумурска бел, жалжал көздөрдү кудай таалам сизге гана буюрган. Мендей пендеңизге өңү суук, дөңгөч белдер болсо эле жетет!..

Ж а н ч а р. Көрчү, ой! Тамакка кара. (Шеркул жок дегендей колун кесип, кайра-кайра кулдук урат. Жанчар сөзүн улайт) Келгениңден бери бирге отуруп тамак жебей... Жийиркенесиңби менден?

Ш е р к у л. Суук сөздө угузбаңыз, таксыр! Ситз жеген тамакка кол салгыдай ким элем?.. Мына минтип чымын коруп отурганыма эле жетине албай атам! Ыраазымын!..

Ж а н ч а р. Барган сайын жүрөгүмдү элжиретип... Жанымды да аябайм. Хан байкеңдин ордосунда тайраңдай бер! Бисмилла ирахман ирахим...

(*Жанчар чучуктан кесип, оозуна салат, сыпаа чайнайт. Жигит башы кирет).*

Ж и г и т башы. Кулдугум бар, такыр.

*Ж а н ч а р (бир көзүн ачып). Эмне?*

Ж и г и т башы. Бирөө келип күтүп турат, сизди.

Ж а н ч а р. Күн мурунтан кабарлап койбой... Сурадыңбы?..

Ж и г и т башы. Аты-жөнүңдү айт, ким болосуң десем, кашайып айтпай койду. Бар болгону, бу жалгандагы карабашылдардын акылдуусу менмин дейт экен, ханың менен акыл жарыштырганы келдим, барып кабарла деди.

Ж а н ч а р. Ким?.. Жаңкы немеби?

Ж и г и т башы. Ооба, таксыр.

Ж а н ч а р. Көрчү, ой! Деги кайсы жердин, кайсы элдин ханымын дейт?

Ж и г и т б а ш ы. Хандан айланабы.

Түрүнө караганда самтыраган эле томояк көрүнөт.

Ш е р к у л (адетинче сакалы менен ойноп). Эмне дейт?! Томояктарга акылды байлап койуптурбу! Таксырыбыз өзүндөй бийик даражалуу хандар менен акыл жараштырамын деп жарыя кылган. Айткан жоксуңбу?

Ж и г и т б а ш ы. Айттым.

Ж и г и т б а ш ы. И, анда эмне дейт?

Ж и г и т б а ш ы. Акыл кенчи элде болот, ошону ырастайын деп, калын журттун атынан келдим дейт...

Ж а н ч а р. Чакыр!

Ж и г и т б а ш ы. Куп болот, таксыр. (Чыгыт).

Ш е р к у л. Ханым! Жаңкы томояк менен акыл жараштырганы атасызбы?!

Ж а н ч а р. Кемсинтпей сүйлө, Шеркул мырза. Ханды хан кылып тургандар, ошолор!

Ш е р к у л. Таксыр!..

Ж а н ч а р. Ашыкпа!.. Окус беттешпей кетирсек, ордодон чыгары мене, Жанчар ханды жеңип алдым деп мактанчу немеби... ишенчээк кемпайлар самсып жүрбойбу... Тим кой, келсин. Эси-көөнүнөн кеткис кылып коё берели (кыткылыктап). Кейибе, Шеркулум, аны менен мен беттешпейм, сени беттештирем.

Ш е р к у л. Менби?

Ж а н ч а р. Экөөбүз тен акылга дыйкан адамдан тараганбыз. Ооз ачырба!

*(Ашпозчу кирет.)*

Ж а н ч а р. Чакыртпай келипсиң, ашпозчу. Эмне кабар?

А ш п о з ч у. Жаман кабар!.. Берик хан о дүйнө кетиптир!..

Ж а н ч а р. Эмне дейт?!. Жана эле ушул жерден сопсоо жаркылдап кетпеди беле!..

А ш п о з ч у. Ордосунун жанындагы Кара-Кыядан өтүп бараткaнда зоокадан шагыл кулап... анын өзү менен кошо бир нече жигит апат болгон имиш!

Ж а н ч а р (күрсүнүп). Атаңдын көрүопасыз дүйнө деген экен! (Жашып). Кайран гана асыл курдашым! Эл деп жүрүп, журт деп жүрүп өтүп кеткен экенсиң да! Эки көзүңдү панардай жайнатып, кылычтай курч сөздөрдү кызыл тилиңден чубуртканыңда сендей курдаш күткөнүмөжетине албай, телегейим тегиз болуп, асмандап турчу элем!.. Менин бийик тоом урап, тереӊ көлүм соолуп калган турбайбы!..

Ш е р к у л. Кайрат кылыңыз, таксыр.

Ж а н ч а р (көзүн сүртүп). Ырас, ырас, ажалга айла жок! Жаткан жери жайлуу, топурагы торко болсун! Оомийин! (Ашпозчуга жакындап.) Шаймерген мырзага угуздуңарбы?

А ш п о з ч у. Угуздук, таксыр. Берик хан чыгаан адам эле деп каңырыгы түтөп отурат!

Ж а н ч а р. И, түтөбөй анан. Кетпегин ашпозчум...

Ш е р к у л (башын кармап). О, кокуй башым, эртеңден бери эле шакыйым кармап...

*(Жигит башы Алдар көсөөнү ээрчитип кирет).*

А л д а р Көсөө. Ассалоом алейкум, таксыр... Мендей акылман ааламда жок, болсо келип мени менен акыл жарыштырсын депсиз. Келип калдым.

Ж ан ч а р. Ие-ие, келип калыпсың, көрүп турам (Жигит башыга). Бара бер. (Жигит башы чыгат. Жанчар бир көзү менен тиктеп.) Карап-карап эле билалбай койдум, кайсы журттан болосуң?.. Аял журтунанбы же эркек журтунанбы?

Алдар көсөө. Аял журту тууган эркек журтунан болом, таксыр.

Ж а н ч а р. Эркек журтунан болсон, ээгиңдеги ырыскың кана? Уйга жалатып ийгенсиз го дейм, уктап калганыңда?!

Алдар көсөө. (сакалы менен ойноп отурган Шеркулга карап). "Бекерчинин колу сакалында, мээнетчинин колу кетменинде" -деген эмеспи, таксыр. Кетмен чапса алагды кылбасын деп, ээгимдегиыр ыскымды теңирим көкүлүмдүн астындагы ырыскыма кошуп койгон тура!..

Ж а н ч а р (өзүнчө). Берген жовавың, көрчү, ой! (Алдар көсөөгө). Деги аты жөнүң ким, ким деген болосуң?

Алдар көсөө. Алдар көсөө деген болом, таксыр.

Ж а н ч а р. Ие-ие... Алдар көсөө дегин... уккан элем... маскарапоз дешкен эле. Ошо сен турбайсыңбы?

А л д а р к ө с ө ө Ошо менмин, таксыр.

Ш е р к у л. (ыкшып күлүп). Ой, боорум, ай-ай... Кул-кутандарды азанаткандан башка колунан бок келбеген маскарапоз акыл жарыштырамын деп... болгондо да акылмандын акылманы менен, ээ!.. Улуу даражалуу таксырыбызга теңелгиң бар экен да, бетпак!..

Ж а н ч а р. Тек (Алдар көсөөнү баштан-аяк сыдыра тиктеп) Эсеби, алдамчылыгың да бар турбайбы, ээ?

Алдар көсөө. Үстүнөн түштүңүз, таксыр. Акылдуу менен шилекей алышып, дос болуп кетем, кем акылды мыш кылып, алдап  кетем.

Ж а н ч а р. Мына, мына... өнөрүң көп окшобойбу... И, анан дагы эмнени билеиң?

А л д а р к ө с өө. Таяк алып мал бакканды билем, отун алып от жакканды билем. Буурсун кармап аштык эккенди билем, комуз алып күү черткенди билем, көмөкөйдү безеп ырдаганды билем, так түйүлүп бийлегенди билем, кычыкты айтып күлдүргөндүбилем, арманды козгоп ыйлатканды билем, арсыз ажылдаса бетке чапканды билем, абийирдүү колун сунса көлүлунөнсылап сүйгөндү билем!

Ж а н ч а р. Билгениңди айттың, көсөөм, эми тилегиңди айтчы, угайын.

А л д а р к ө с ө ө. Адамдардын баары бир дасторконго чогулуп, ай күлкүлүү келин-кыздар чай сунушуп, мендей маскарапоздор өнөрлөрүн көрсөтүшкөндө, алар бизди карап ырахатка батып күлүп отурушса... Бир тилегим ушул... Экинчиси болсо... Сокурга көз, дүлөйгө кулак болуп, ач жолукса тоюндуруп, жөө жолукса көтөрүп, ыйлаганды сооротсом да, үшүгөндү жылытсам деп эңсейм!..

Ж а н ч а р. Дурус, дурус. Окус түбүндө жыландын уюгу бар терең орго тилек-милегин менен кошо түшүп кетсең, кандай айла табар элең, я?!.

А л д а р к ө с ө ө. Жыландан аркан эшип чыгып кетер элем, таксыр.

Ж а н ч а р. Көөнүмө толо баштадың, көсөөм. Болуптур эмесе дароо эле ишке киришели, ээ?

А л д а р к ө с ө ө. Ошентели, таксыр.

Ж а н ч а р. Мени жесин деп дүйүм тамак жасаган ашпозчу тээ береки киши. Башка өнөрү да бар. Акылман сувалдарды бергенге маш. Кана, ашпозчум, акылман сувалдарды төгүп жиберчи. Шеркул экөө күлүк менен ой да бир даңкаң урдуруп көрүшсүн, а!..

А л д а р к ө с ө ө. Таксыр!Өзүңүз менен акыл жарыштырганы келгем.

Ж а н ч а р. Шеркул экөөбүз бир атадан тарагандыз. Айырмабыз жок. Анын жеңгени менин жеңгеним, жеңилгени менин жеңилгеним (Ашпозчуга). Бол!

А ш п о з ч у. Хуп болот, таксыр. Биринчи сувал. Бул жалгандын ырахаты эмне, азабы эмне?

А л д а р к ө с ө ө. Жашыңыз да улуу, жооп сизден болсун, Шеркул мырза.

Ш е р к у л (ойколоңдоп). Бул жалгандын эки ырахаты бар. Биринчиси тамак, экинчиси уйку...

Ж а н ч а р (кыткылыктап). Үчүнчүсүн менден уялып айта албай жатпайбы. (Овонго кошуп.)

...кумурска бел,Көкөм ай,

Үзүлүп кетер бекен, ай!..

Үзүлүп... үзүлүп... үзүлүп кетер бекен, ай!.. Бу дүйнөнүн үчүнчү ырахаты кумурска бел, куурай сан, жайдары мүнөз, жалжал көз!.. Ал эми азабы болсо, ушул ырахатка жетпей калгандаан азаптуу эчтеме жок! Таптыкпы, ашпозчум?

А л д а р к ө с ө ө (озунуп). Тапкан жоксуздар, таксыр.

Ж а н ч а р (өзүнчө). Көрчү, ой!.. Тапкан жоксуздар деп кашкайып туруп чечекейге чаап... (Алдар көсөөгө.) И кана, сайрачы, Көсөөм, тапкан кишинин жовавы кандай болот экен, угалы?

А л д а р к ө с ө ө. Бул жалганда маңдайынан тер агызып эмгектенген - ырахат да, курсагын тырманып бекер жаткан - азап. Дагы болсо бериңиз сурооңузду, ашпозчу аке! Шеркул мырза жооп беремин деп комдонуп калды.

А ш п о з ч у. Экинчи сувал. Бу дүйнөдө адам качып кутулбас эмне бар?

А л д а р к ө с ө ө. Кезек сиздики, Шеркул мырза.

Ш е р к у л (ашпозчуга). Ит көр, кайдагы балакет сувалдарды берип... Я?.. Эмне?.. Эмне?.. (Башын кармап.) Ай, иттин башы, ай, чарт деп жарылып кетчүдөй болуп...

А л д а р к ө с ө ө. Иттин башы жарыла берсин, өзүңүздүкү аман болсун!

Ж а н ч а р (санын чаап жыргап күлөт). Азаматсың, Көсөөм! (Шеркулга.) Ы растан эле иттин башы жарылса жарыла берсин, ишиң эмне, өзүңкү аман болсо болду. Бол, таскактат! *(Шеркул укмаксан болуп, ашпозчунун оозун тиктейт).*

А л д а р к ө с ө ө (Шеркул менен Ашпозчуну алмак-салмак карап). Мырза!.. Ашпозчу акемдин эриндери кантип кыбырап жатканын өзүңдөй кылып туурап берсеңиз болду, мен жеңилейин. Макулсузбу?

Ж а н ч а р. Хи, хи, хи... Олдо, Көсөөм, ай-ай... Мага окшоп тамашакөй турбайсынсыңбы! Шеркул мырза акылына какап калды өңдөнөт. Кезек сеники, айта бер жовавыңды.

А л д а р к ө с ө ө. Бул дүйнөдө адам качып кутулбас ажал болот, таксыр. Ашпозчу аке, бере бериңиз учүнчү сурооңузду.

А ш п о з ч у. Үчүнчү сувал. Бул жалганда эмне кулүк, эмне кашаң?

Ш е р к у л (ашпозчуга). Бая эле ушундан баштабайсыңбы, кашайгыр! (Алдар көсөөгө!) Бул жалгандын кашаңы эшек, күлүгү тулпар!

А л д а р к ө с ө ө. Дале болсо жастым бастыңыз, мырза. Бул жалганда адамдын өзү кашаң да, акылы кулүк. бир кадам аттап, а деп оозун ачканча, санаасы менен ай, күнгө жетип, төгөрөктүн төрт бурчун чарк айланып чыгат!

Ш е р к у л (ачуулу). Эй, көсөө! Мени алкымдасаң мейлиң, мен чыдайын. Улуу урматтуу таксырдын айтканы туура эмес деп чечекейге чаап... уулуңду сапырайынбы, я?..

А л д а р к ө с ө ө. Жыгылыштуумун, мырза. Таксырымдын кошумчалаганын туура эмес дегенимдин себеби... жөн эле кантээр экен деп, хан атабызга эрээркеп аткам... (Жанчарды карап.) Чынында сиздики да туура. Таксырыбыздыкы да туура болчу.

Ш е р к у л. Куйтуланбагын, Көсөө! Далил керек!..

А л д а р к ө с ө ө. Адам баласынын акылманы, улуу даражалуу таксырыбыз айткандай, бу дүйнөнун баш жыргалы кумурска бел, куурай сан да, жайдары мүнөз, жал-жал көз. Бирок сиз айткандай, ырахаттанып тамакк тоюп, кериле тартып уйкуну бышырбасаң кумурска белге канткенде жүзүңдү буруп , жүрөгүңдөгү кумарыңды канткенде жазмак элең?!..

Ж а н ч а р (Алдар көсөөнү далыга кагып.) Жарайсың!

Ш е р к у л. Такыр!

Ж а н ч а р. тек! (Алдар көсөөгө). Сүйүнтүп койдуң!

А ш п о з ч у (шыбырап). Хандын сүйүндүм дегени күйүндүм дегени Алдар иним. Тузагына чалынып алдың. Эми чыгарбайт.

А л д а р к ө с ө ө. кейибеңиз, акеси. Алтын баш аман болсо, амал табылар.

Ж а н ч а р. Брадыгы дурус келатат. Кана эми калпты чындай айтып көрчү. колумдан бардыгы келет дебедиң беле...

А л д а р к ө с ө ө (комдоно калып). Мергенчилик жагдайым да бар, таксыр. Албан тоонун чокусуна чыгып,  айланама көз чаптырсам, ат чабым жердеги жалама боордо элик турган экен, мээлебей туруп эле баң дегизе басып калсам, жок эле болуп калды. Тиякты карайм, биякты карайм, эчтеме көрунбөйт. Айлам куруганда, колумдагы таягымды аска ташка кагып жиберип, учуна бычагымды сайып, бычагыма шибегени улап, шибегенин учуна секирип чыксам, мен аткан элик эси ооп капчыгайдын түбүндө жатыптыр. Арткы туягына тийген ок кулагын көсөп кеткен экен.

Ш е р к у л. ой, иттин Көсөөсү ой-ой, кудайыңдын карап калп айтсаң боло!.. Арткы туягына тийген ок кулагын кантип көсөп кетсин!..

А л д а р к ө с ө ө. Арткы аягы менен кулагынын тубүн кашынып жатканда аткан тураймынбы, мырза.

Ш е р к у л (сакалы менен ойноп). Айла жок экен!.. И, соктура түш.

А л д а р  к ө с ө ө. Анан, ууга чыкканымда ийниме кондуруп жүрүүчү алгыр таранчым бар эле, ага бир кулжаны бөктөртүп алып жолдо келетсам, алдымдан уч жигит чыгып, зар ыйлап сурашса болобу, бечаралар!..Табыпчылык жагдайым да барэмеспи, таксыр. Ал кургулдардын биринн аялы дүлөй экен, суу куюп кулагын ачтым, экинчисинин көзү азиз экен, кум чачып көзүн ачтым, үчүнчүсүнүн тили кулач экен дейсиз...

Ш е р к у л. Аны эмне кылдың?

А л д а р  к ө с ө ө. Шарт дегисе кесип салсам, бир кулачтын ордуна он кулач болуп узарып кетсе болобу!

Ш е р к у л. Чын сөз! Катындын тилин кескен сайын чубалжыйт. Мен жакшы билем.

А л д а р  к ө с ө ө. Ананчы, мырза. Он катыны бар сиз билбегенде, катын жытын көрө элек мен кайдан билмек элем...

Ж а н ч а р. Эми акыркы сувалды өзүм берем. Жовапты өзүн табасың.

А л д а р  к ө с ө ө. Куп болот, таксыр.

Жанчар. Хандын кандайы жагат калайыкка? Мен чынга досмун, калпка касмын. Буйтаңдатпа, ырасын айткын.

А л д а р  к ө с ө ө. Калкыныз кейисе кошо кейип, күлсө кошо кулөсүз... Калайык сиздейди жакшы көрөт, таксы.

Ж а н ч а р. Дурус, дурус. Эмким сувал эмес. Сен жана кыйын билбейм дебединби. Азыр бийчи катын келет,ошону менен оюнга түшүп, бар өнөрүңдү ойда бир көрсөтчү! (Шеркулга.) Чакыр тигилерди, бийчи катынды баш кылып.

Ш е р к у л. Куп болот, таксыр (чыгат).

А ш п о з ч у (Алдар көсөөгө шыбырап). Өнөрүңө кызыкканы жок, Алдар иним сынаганы атат. Соо калам десең, тилимди ал. Бийчи зайып хандын токолу. Аны карабай, тескери карап бийле. Ал жакындаса жаа бою кач. Жанына жууба, өзүңө жуутпа! Уктуңбу?

А л д а р  к ө с ө ө. Уктум, акеси.

Шам көтөргөндөрдүн коштоосу менен жыландай сойлогон бийчи катын баштаган комузчу, чоорчу, кыякчылар кирет. Бий музыкасы ойнолот. Адегенде жай башталып, анан, бара–бара ылдам темпке өтөт. Алдар көсөө, ашпозчу айткандай тескери карабастан,адегенден тартып эле бийчи катын менен жүздөшүп, жакындашып не бир укмуш кыймылдарды көрсөтүп, кумарланып берилип бийлейт. Ашпозчу Алдар көсөөнү жактырбайт, жер карап түнөрөт. Бийчи катын да кумарланып бийлейт, музыканттар да берилип, жыргап ойношот. Бий бүтөт. Алдар көсөө бийчи токолдун алдына сыңар тизелей калып, таасим этет.

Ш е р к у л (ачуулу.) Жогол доңуз!

Ж а н ч а р . Тек!..

Ш е р к у л . Тыйбаңыз, таксыр! (Алдар көсөөгө.) Улуу урматтуу хандынкарачечекей токолунан ыйбакпай, теше тиктеп,... ойношунан бетер элжиреп... кумарланып... өлтүрөм ыймансызды!..

А л д а р к ө с ө ө . Шеркул мырза!..өлтүрөр алдында сөзгө там бериңиз.
Ш е р к у л . Сөздөн айланат бекенсиң бузуку!
Ж а н ч а р. Токто! (Алдар көсөөгө.) Сүйлө, Көсөөм.
А л д а р к ө с ө ө. Улуу урматтуу хандын карачечекей токолу деп бийчи келинчектин маңдайына чийилбептир, Шеркул мырза. Ордодогу эле бийчи катындардын бири го деп билдим. Бу бир жагы, эми башка жагын алсак... Анын ким экенин билгенимде да, жаа бою качпайт элем, тескери карай бийлебейт элем. Антип анткорлонсом, улуу урматтуу таксырыбыздын букарасы деп эч ким теңине албайт болчу. Улуу урматтуу таксырыбыз чынга дос, калпка кас адам. Букаралары биз да ошондойбуз. Чынга доспус, калпка каспыс!
Ж а н ч а р. Көөнүмө толдуң!.. Сендей сөзгө чебер, өнөргө бай букарам барына ыраазымын! Кумардан чыктым. (Алаканын ургулап.) Эхей!..
(*Жигит башы жүгүрүп кирет*).
Ж и г и т башы. Ляппай таксыр!
Ж а н ч а р. Акылман Көсөөнү ордодон чыгарып койчу!
Ж и г и т б а ш ы. Куп болот, таксыр.
Ж а н ч а р. Токто!.. Кадимки жол–жобосу, шаани–шөкөтү менен узат. Ыраазы болуп кетсин. Туюндуңбу?..
Жигит башы (ичи менен күлүп). Хе, хе, хе... Туюнбай анан... Кеттик!..
Ж а н ч а р. Коё тур. Ордодон чыгарардан мурда көсөөнү увазирге алпарчы. Муну менен акыл жарыштырсын, зериккенин жазсын, ошентсе бат сакаят...
Ж и г и т б а ш ы. Куп болот таксыр.
А л д а р к ө с ө ө. (ашпозчуга). Сиз ким деген болосуз, акеси?
А ш п о з ч у . Бир кезде бак башында сайраган булбул элем, эми болсо камактагы өлүкмүн, Алдарым.
А л д а р к ө с ө ө. Акыл камакка түшчү беле, жарыктыгым. Кайратыңыздан жанбаңыз.
Ш е р к у л. Эй, көсөө!.. Эмне деп шыбырап атасың, ашпозчу көргө?..
А л д а р к ө с ө ө. Нааданды миң күн жандаганча, акылманды бир жолу даарып өткөнүң артыкдеген эмеспи. Таксырга жолукканыма жетине албай... ошону айтып аттым эле!..
Ж а н ч а р. Өнөр кенчи да, акыл кенчи да элде болот, көсөөм өркүнүң өссүң!.. Ырыстуу бол!
А л д а р к ө с ө ө. Теңир жадгасын, таксыр.
Ж и г и т б а ш ы. Жүрүңүз мейман.
Ж а н ч а р (*ашпозчуга*). *Сен да жөнө. (Жигит башыга.) Эхей!..*
Ж и г и т б а ш ы. Ляппай, таксыр!
Ж а н ч а р. Сейдене катынды чыкырчы. Бат келсин де.
Ж и г и т б а ш ы. Куп болот, таксыр.
*(Алдар көсөө, ашпозчу, жигит башы үчөө чыгат).*
Ш е р к у л. О, улуу урматтуу таксыр!.. Азыр да ашкере айкөлдүк кылып койдуңуз окшойт. Жаңкы бузукунун башын дарбыздай гана тоголотуш керек эле...
Ж а н ч а р . Ошентишим керек беле?!.
Ш е р к у л. Бу дүйнөдө ишене турган эки гана адамыңыз бар. Бири–өзүңүз, экинчиси – мен...
Ж а н ч а р. Ие, ие... Ананчы!..Эмесе, ошол себептүү иш тапшырганы турам.
Ш е р к у л. Мунуңуз мен үчүн урмат, таксыр.
Ж а н ч а р. Өзүң айткандай, ишенгеним жалгыз гана сенсиң. Элге баргын. Ыраматылык Берик ханга чейин бирөөнү да койбой кантип оңколотконумду жакшылап айт. Бул бир дегин. Экинчиси, элдин чоо – жайын тартып көрчү...
Ш е р к у л. Жакшы болот, таксыр.

Ж а н ч а р. Билип кой, чынга досмун, калпка касмын... Болгонун болгондой кылып айтып кел, туюндуңбу?

Ш е р к у л. Туюндум, таксыр. (Өзүнчө.) “Чынга досмун, калпка касмын” – деп, улам кайталап... Нары жагында бирдеңке барбы, я?!. Ай, ушу чүрүшкөн арамда эмненин амалы дейсиң!.. Же... карылыгы жетип, өлөрүнө аз эле калды!.. Айтканын айткандай аткарып турайын. (Жанчарга кулдук уруп.) Чынын айтып келем. Саламат туруңуз, таксыр. (Чыгат.)

Ж а н ч а р (нары – бери тейтелеңдеп басып.) Көсөөнүн сүйлөгөн сөзүн көр да, тилеген тилегин көр!.. (Кыска паузадан кийин.) О, курган кем акылдар!.. Өзүңдөй кул – кутандарды күлдүргөндөн башка колуңдан эмне келмек эле дешип... Кой оозунанчөп албаган маскарапоз көрүшүп,... бөрк астында бөрү жатканын кайдан билмек элеңер, маңыроолор!..

*(Алдаң – далдаң, этип, лөк – лөк желип Сейдене кирет)*

С е й д е н е. Кулдугум бар, таксыр...

Ж а н ч а р. Кайсынысы экенин да байкабай калыпмын, жанараак, кырк айымдын бири жетип келиптир!.. Ал эмне дейт дебейсиңерби?.. “Башкасынан да ушул Сейдене катындын азабы өттү”, – дейт. “Көрүнгөнүбүзгө эле айгырча азанап, бетибизди тытып, чачыбызды жулат”, – дейт. “Биз десеңиз, жоготуңуз аныңызды!” – дейт. Ошенткенде “Аңгиден айгыр салса дейт экенсиңерго, ээ?.. Анткендей акмак бекем. Айгырды катындан салам. Жогол, көзүмө көрүнбөй!” – деп, алтын таяк менен шилтедим эле, атып чыкты бейм, а!..Чыгарып ийген турбайсыңбы!

С е й д е н е. Сакчыны нашага мас кылып, чыгып кетиптир. Акесин тааныттым экөөнүн тең!..

Ж а н ч а р. Бек карма, кара түйрүгүм. Жер тамдан карыш жылдырбагын. Жанчар хандын айымы башка эркекти карап коюптур деген сөз тарап кетсе... өлбөдүмбү!..

С е й д е н е. Сиздин аброюңуз элдин аброю. Жакшы эле жанталашып атам, таксыр. Бирок төө кайтаргандан да катын кайтарган азап экен. Эки экиден чачташып, биринин бетин бири тытып, жок жерден тешик таап чыга качышып... Ынтымактуу болгула, абийирсактагыла деп өкүрүп атып чарчадым. Болушпайт. Ансайын күчөшөт...

Ж а н ч а р (шыбырап). Кара түйрүгүм! Ошонусу жакшы. Тим кой, чачташа беришсин. Тытыша беришсин!.. Колуңан келсе бири бирине тукуруп коюп, эрмектей бер. Чарк имер!.. Азана!.. Сенин азанаганыңдын зыяны жок. Беделим түшпөйт. Азанай бер!..

С е й д е н е. Сиз дегенде бар эмеспи, таксыр... Азанаганды эми көрсөтөм!..

Ж а н ч а р. Ишенгеним жалгыз гана сенсиң, кара түйрүгүм. Сабыр эт. Менин тынчымды алып,сарсанаа кылган бир гана нерсе бар. Ал да болсо элдин камы. Айтчы, кара түйрүгүм, калдайган журтумдун чоо – жайы кандай деги?

С е й д е н е. О, улуу урматтуу таксыр! Уюткулуу журтуңуз ооз ача электе эле ыгым – чыгымдан кутулушуп... Казан да май, чөмүч да май... Күндүзү кымыз, түндөсү кыз... Несин айтасыз, сиздин амириңиздин астында кой үстүндө торгой жумурткалап турган замана!..

Ж а н ч а р. Оозуңа май, кара түйрүгүм!.. (Жакын барып, акырын.) Сол канатыбыздагы Закир хан, оң канатыбыздагы Ормуш хан, маңдайыбыздагы Келдике хан, аркабыздагы Аскар хан досторума түнү менен белек жөнөткүн...

С е й д е н е. Таксыр! Жакында эле жөнөтпөдүм беле...

Ж а н ч а р. Дагы жөнөт!.. Куру сөздөн маңдай жарылып, алакан ысыбайт. Башка мүшкүл түшсө колдой турган азаматтар – ошолор. Аябагын. Кимден калбаган дүнүйө дейсин. Чач! Токточу. Тим эле асманды жарып... Тыңшачы!.. Күлкү чыккансыйт, ээ?

С е й д е н е. Увазириңдин күлкүсүнө окшойт.

Ж а н ч а р. Ошондой окщойт. Эми мындай кара түйрүгүм.

С е й д е н е. Кулагым сизде, таксыр.

Ж а н ч а р. Биздин сол канатыбыздагы Закир ханотуз катындын үстүнө дагы бир катын алат имиш. Мен бери дегенде эле он катын алдыда жүрүшүм керек. Кемитсем өлүм да!

С е й д е н е. Ананчы. Андан кемитсеңиз эле бүттү. Даражаңыз кичирейет, баркыңыз кетет.

Ж а н ч а р. Дагы бир катын алам.

С е й д е н е. Ошентиңиз, таксыр.

Ж а н ч а р. Айтчы, кара түйрүгүм, көөнүмө толо турганургаачы табылар бекен, бул дувандан?..

С е й д е н е.Кулагым чалган эле, Акмат зергердин Айнагүл аттуу кызы бар, чүрөктүн чүрөгү деп...

Ж а н ч а р. Эмне турдуң? Апкелбейсиңби батыраак!..

С е й д е н е.Айнагүлдүн кайда экенин бир да жан билбейт экен, таксыр. Акмат зергер кулак уккус, көз көргүс, жерге жиберип ийген имиш.

Ж а н ч а р. Сүйбөгөндү сүйдүрүп, табылбагганды таптыра турган бир гана нерсе бар. (Акча берип.) Карма!

С е й д е н е (жыргап күлөт). Тал чыбыктай солкулдаган Айнагүлдү жетелеп келип колуңузга тапшырсам, сиз белинен ие кармап, көөдөнүңүзгө кысып, бетинен сүйүп... бетинен сүйүп... бетинен сүйүп...(өңгүрөп ыйлап ийет.)

Ж а н ч а р. Кантет, ой!.. О, болду үнүң өчкүр!.. Бирөө укса... (Эки жагын элеңдей карап.) Турмушунан бузулган экен дешип... маскара кылышпайбы!.. Бас үнүңдү! (Сейдене мурдагыдан да күчөнүп ыйлайт. Жанчар дагы акча берип.) Жогол батыраак!..

С е й д е н е (тып басылат. Азанап күлүп.) Айнагүл чүрөктү жердин түбүнөн болсо да сууруп чыгам!

Ж а н ч а р. Жигит башыны чакырып кой. Бат келсин де!

*Сейдене. (Жанчарды жалбара тиктеп). Куп болот, таксыр (чыгат).*

Ж а н ч а р. “Ашык эркек азанап күлөт, ашык катын боздоп өкүрөт” – деп, ушу букадай арам өзү айтпады беле. Мени көрсө эле өңгүрөп ийчү болду... Анын үстүнө көз ойнотумуш болуп... Эмне, мага ашык болуп калганбы?!. (Жийиркенгендей тескери бурулуп, чаңырат.) Жогол!.. Жогол!.. Токточу!.. Дагы күлүп атат! (Желип – жортуп жигит башы кирет.) Бул эмне болгон бейадеп күлкү?!

Ж и г и т б а ш ы. Увазириңиз көсөөгө комуз черттирип, ыр ырдатып... (Жан жагын каранып, үнүн басаңдата.) Көсөө болсо, сизди атыңыздан айтпай каймана мыскылдап... увазириңизге жагып атат көрүнөт... Каткырып күлүп... Анан “Сен элибиздин кутусуң!” – деп, көсөөнү кайра – кайра бетинен сүйүп...

Ж а н ч а р. Көрчү, ой!.. Болду, болду!.. (өзүнчө.) Мен ага аш ыргытсам, ал мага таш ыргытып... Анын үстүнө ордодо көп туруп калды. (Жигит башыга.) Жигит башы!..

Ж и г и т б а ш ы. Ляппай, таксыр!..

Ж а н ч а р. Дале болсо аш ыргытайын. Астына ат мингизип, үстүнө тон кийгизип, атказып койгун, Шаймерген мырзаны. Туюндуңбу?

Ж и г и т б а ш ы (ичи менен күлүп). Хе, хе, хе... Туюнбай анан...

Ж а н ч а р. Оюмдагыны айттырбай билген жалгызгана сенсиң!.. Баса, көсөөнү эмне кылдың?.. Узаттыңбы?

Ж и г и т б а ш ы. Кызыгы көп, таксыр. Шаани – шөкөтү менен узатайын деп, сыртка алып чыксам, эмне дейт дебейсизби?

Ж а н ч а р. И, эмне дейт?

Ж и г и т б а ш ы. Элге – журтка жарыялап келгем дейт.

Ж а н ч а р. Эмине деп?

Ж и г и т б а ш ы. Жанчар хандын ордосунан кайтпай калсам, Жанчар хан жеңилип, ызасына чыдабай өлтүрүп салганы ошол деп дейт.

Ж а н ч а р. Мына кызыкты көрсөң!.. Сен эмне дедиң?

Ж и г и т  б а ш ы. Кур калганым жок, таксыр. Сени өлтүргөндөй кутуруп кетиптирби, Жанчар хан сөөк өчтү душманына да кол кайрыбаган боорукер адам, сени жанындай көрүп калды деп, шилекей алышкан досторчосунан кайра – кайра айкашып туруп жолуна салдым...

Ж а н ч а р. Атаңдын көрү, э-эй, атаңдын көрү, көрчү, ой!.. Кызылдай эле эт го десем, жеткен саясатчы турбайсыңбы! Жовапты туура берипсиң. Сөөк өчтү душманыма да кол кайрыбайм. Жигит башы!

Ж и г и т  б а ш ы. Ляппай, таксыр!

Ж а н ч а р. Жөнө!.. Аттуу – баштууларга барып, астыртан жарыя кыл, жаңкы Алдар көсөө деген менен акыл жарыштырып, аябай мыш кылып жеңип алган азамат Жанчар ханга увазир болот деп...

Ж и г и т башы. Куп болот, таксыр.

Ж а н ч а р (көзүн кысып). Карма! Бир кудайга ишенем, бир сага ишенем!..

Ж и г и т  б а ш ы. Кулуңузмун, таксыр.

Ж а н ч а р. Жумадан ишембиге ооган түнү катын алам. Увазирди да ошондо коём. Бардыгы ошол түнү даяр болсун!.. Жит!..

Ж и г и т башы. Життим, таксыр.

Ж а н ч а р. (нары – бери тейтеleңдеп басып). Бир эле бир эле хан болот, бир эле акылман болот. Анан... хи, хи, хи... бир эле күйө болот!..Тал чыбыктай солкулдаган Айнагүлдү (тамшанып) ай жүздүү секетти кайырмакка түшкөн балыктай бултактап (тамшанып) баатыр көөдөнүмө мына минтип сыга кучактап, анан ай тамагынан соруп...

(Овонго кошуп.)

...Кумурска бел Көкөм, ай,
Үзүлүп кетер бекен, ай... Хи, хи, хи...

## ЭКИНЧИ СҮРӨТ

Ж ы л д ы з д у у  т ү н. Бирине – бири оролушуп, чырмалышкан чытырман токойдун ичи. Сырттан качыр – кучур эткен добуш угулат. Ага удаа куржундарын сүйрөп, алды – артын карабай жанталашып Ниязгул менен Чатек кирет. Ниязгул курсагы даңдыйган дөө киши. Башында суусар бөрк, үстүндө заркымкап. Улам артына түртүп койсо болбой эле, Чатек ойт берип алдыга чыгат. Мына азыр дагы Ниязгул артка түрттү эле, Чатек болгон жок, куржунун таштап, безилдеп келип Ниязгулду капталга сүзүп, алга суурулуп чыга берди.

Н и я з г у л (камчысын үйрүп). Токто, кирбиңдеген жүзү кара!..Жанынын таттуусуна не бересиң! (Чатек башын калкалай отура калат. Ниязгул камчысын тартып алып.) Кара – Сеңирдин токоюнда каракчылар саңсып жүрөт дешкен эле... Ырас турбайбы. Аттарыбыздын күлүгүнөн гана качып кутулбадыкпы!..

Ч а т е к. Ошенттик, байым, ошенттик...

Н и я з г у л. Акырын!.. Тыңшачы!..

Ч а т е к (жата калып тыңшайт). Эчтеме угулбайт.

Н и я з г у л. Көп узап кеттик. Буюрса, ушул жерге түнөп алып, таңга жуук жолго чыгат экенбиз.

Ч а т е к. Ошентебиз, байым. Анан калса, бу жердин чөбү да килемдей болуп... (*Төрт аяктай калып.*) Мени таяныңыз, байым. Сиздин этиңиз ооруганча, менин белим сынсын! (*Ниязгул кыш – куш этип, кош колдоп таянганда, Чатек жер менен жер болуп жапшырылып калат.*) Кудаай!

Н и я з г у л. Эмнем чаңырасың, май – баш?!.

Ч а т е к. Айланайын байым, белим ооручу эле, дароо басыла калып...

Н и я зг у л. Ошондой десең! (Жыгачка жөлөнүп.) Атаңдын көрү, кара-жалак, жаңкы Алдар көсөө деген жер түбүнө житип кеткен окшобойбу!.. Жолду ката көсөөдөн көсөө койбой карап келебиз, сурап келебиз... Табылсачы!..

Ч а т е к. Кейибеңиз, байым. Табылат!.. (Кымпыңдап.) Буюрса, Жанчар ханга увазир болосуз. Кечетен бери эле оң көзүм тартып...

Н и я з г у л (Чатекти тигиле карап). Уктуң беле, я?!

Ч а т е к. Эмнени?!

Н и я з г у л. Шаймерген мырзанын сөөгүн курумшуга ороп, сынык мүйүз кара өгүзгө артып, айлына таштап кетишиптир!

Ч а т е к. Коюңузчу, байым! (Шыбырап.) Кимдер ошентти экен, я?!.

Н и я з г у л. Билбейм. (Шыбыырап.) Оозунан чыгарбайт деп айтып атам. Бирөөгө айтсаң... өлөсүң!..

Ч а т е к. Өлөм, байым, өлөм!..

Н и я з г у л. Угушумда, кайдагы бир томаяктарга болушчумун деп,хан менен бой тирешип... каяша айтып...

Ч а т е к. Жанчар хан өлтүрттү дейсизби?!.

Н и я з г у л.Жап оозуңду, айбан!

Ч а т е к. Жаптым, байым, жаптым!..

Н и я з г у л. Мен оййлопп койдум (шыбырап.) Шаймерген мырзага чала болот. Акмак да, ачыкка чыгып... увазирликке жетсем, ханга ооз ачпайм, көзүнүн агы менен тең айланып, өпкө-боорумду садага чаап жүрө берем... Айланамды өз адамдарым менен түптөйм... Ошондон кийин гана жаңкы түлөгөн балапандай болгон көк мээ ханды көчүккө тээп... тээп... Күлүн асманга сапырып ийем!..

Ч а т е к (кубанычтуу). Байым!

Н и я з г у л. Акырын!

Ч а т е к. Унута көрбөңүз. Ниетим ак. Карасанасам бар го... ит болуп үрүп, эшек болуп айкырып калайын...

Н и я з г у л (бүт денеси менен күлүп). Ха, ха, ха... Окус маа карасанаймын деп ит болуп калсаң, кантип үрөсүң, я?

Ч а т е к. Ав, ав, ав...

Н и я з г у л. Кандекчесинен чайылдабай, дөбөтчөсүнөн күрсүлдөбөйсүңбү... Э, болуптур, э!..Эми эшекчесиненкантип айкырар экенсиң, байкайлычы. И, кана!..

Ч а т е к (эшекче айкырып). Ия... ия... ия...

Н и я з г у л. Ой, итиңдин айкырганы, о-ой!.. Мага сендей киши керек. Увазир кылып алам!

Ч а т е к. Айланайын байым! (Ыйлап.) Сиз дегенде мүрт кеткени турам. Азыр эле...

Н и я з г у л. Болду, Чатегим, болду. Кубанганыңдан ыйлап атасың, билем.

Ч а т е к (өзүнчө). Кубанганыңдан деп... тапкан экенсиң акмакты! (Ниязгулга.) Сизге кубанбаганда атамдын башына кубанат белем!

Н и я з г у л. Чатек!

Ч а т е к. Ляппай, байым!

Н и я з г у л. Уктуң беле, я, тиги Текебай арамдын ит болгонун?..

Ч а т е к. Жок, байым, ит болуп укпай калган экем. Кызык окшобойбу, и, и...

Н и я з г у л. Текебай жаңкы Алдар көсөө деген менен акыл жарыштырчумун деп алдырып койгон имиш... Токточу!.. Тияк-бияктын баары эле шабырттагансыйт... каракчылар басып калышпагай эле!

Ч а т е к (жерди тыңшайт). Эчтеме угулбайт, байым.

Н и я з г у л. Өлгүрдүн Текебайы, мени жеңдим деп эч кимге айтпа деп өңгүрөптүр. Ошол эле дейсиңби. Жаңкы маскарапоздун бутун кучактаган имиш. Тү, көрнамыс десе!.. Ошентип жүргүчө, доңуз болуп кетпейби!

Ч а т е к. Ошону айтсаңыз! (Ниязгул катуу күрсүнөт. Чатек жасакерлене.) Жаныңыз кейип турса керек, бир жериңиз ооруйбу, байым?..

Н и я з г у л. Айтпа, Чатегим!

Ч а т е к. Атаганат, сизге тийген оору мага тийсечи!..

Н и я з г у л. Жаңкы маскарапоздун көзүн тазалаган азамат мага увазир болот деп айттырган экен, Жанчар хан! Коркконум, бизден озунуп башка бирөө жайлап кетсе... Омийин!.. Муну ойлосом, каңырыгым түтөп...

Ч а т е к. Жаман сүйлөбөңүзчү,байым! Буюрса увазир сиз болосуз. Түндө түш көрсөм, канаттуу боз аргымакка минип, ак булуттун үстүндө сызып бараткан экенсиз!.. Эртең менен төлгө салдырсам да ошо, душманыңыз туюкка камалып, жолуңуз шыдыр чыкты!

Н и я з г у л. Оозуңа май, Чатегим!..

Ч а т е к. Мен кыдыр даарыгандарданмын. Увазир сиз болосуз. Мен көлөкөңүзмүн, кайда барсаңыз артыңыздан ээрчип алам!

Н и я з г у л. Жарайсың, Чатегим!.. Өзүмдөн да сени барктайм. Мендей азаматтын сөзү эки болбойт. Келе колуңду!..

Ч а т е к. О, жараткан!.. Мени тууган эне ылайым бейишке чыксын! Байым убада берди. Мен эми жебегенди жеп, ичпегенди ичип... анан тээ береки кол жетпестеги ойноок байталдардын улам бирине окуранып... окуранып...

Н и я з г у л (бүт денеси менен күлүп). Үйүр кутпөгөн жаман аңгиге окшоп, ээ?.. Болду, болду... Жөн эле көрөндөп бербейт бекем... Ак көңүлүм кармаса, эр чыдабас Эркайым сулуу деген бар дейт, ошону да аркандап берем дейт, атасынын көрү!..

Ч а т е к. Айланайын байым!

Н и я з г у л. И, эмне чочудуң?!.

Ч а т е к. Жок!.. Жок!.. Жок!.. Долулугуна эр чыдабай, ошондон улам эр чыдабас Эркайым коюшкан дешет!..

Ниязгул. Ошолор да эркекпиз дешет, ээ! Андай немени моминтип эле басып коёт болчумун. (назгул кыйшайып барып, жанындагы кыржыйган Чатекке салмагын салат).

Ч а т е к. Айланайын, байым, өлдүм!.. өлдү-үм!..

Н а з г ул. Ушундай өкүрүктү укканымда жыргап турам да! Бас үнүңдү, майбаш!.. Тыңшачы!..

*(Айланадан качыр-кучур эткен добуштар үшүшөт).*

Н и я з г у л. Каракчылар!..

Ч а т е к (өксүп). О, кудай!

Н и я з г у л (Чатекти тоголото тээп), Чыгарба үнүңдү,жүзүкара! Бол!..

*(Ниязгул менен Чатек жашынышат. Чатек ийрелеңдеп бадалдын түбүнө сойлоп кирип кетет, Ниязгулдун башы батып, олчойгон денеси бери бери жакта калат. Үстү-башы самсаалап-сумсаалап, кийиминин сайда-саны жок. Ээгине эчкинин куйругунан сакал тагынып алган, колунда аса-мусасы, белинде чоюн башы менен шамшаары бар).*

А л д а р Көсөө (залдагы элди карап). Ниязул бай мени өлтүрүп, Жанчар ханга увазир болгону атыптыр. Ал болсо бирөөбүздү да өйдө каратпайт. Аны болтуртпайбыз. Болсо да мени өлтүрүп болот (туш-тараптан ач кыйрыктар). Чочубаңыздар, булар менин жолдошторум. (көз кысып). Кара-Сеңирдин каракчылары!.

*(Алдар көсөөүнүн кубулжутуп ач кыйкырыкка салганда, айланадагы токойдон ошондой эле кубулжуган ач кыйкырыктар жооп берет).*

*А л д а р К ө с ө ө (нары-бери жүгүрүп, зиркилдеп).*

Найзалары теректей,
Чоюн башы челектей.
Кайда, кайда, кайда деп,
Качырып кирет экен дейт.

(Ниязгул менен Чатекте үн жок. Безгек ургандай калч-калч этиишет. Алдар көсөө улам бирин көздөй үзүлүп-жулкунуп.) Кайда?!. Кайда?!. (Корккондой кыйкырып) ой, эй, музообаш!.. Музообаш!.. (Залдагы элди карап көзүн кысат. Анан керилип туруп Ниязгулду көчүккө басып-басып алат.) Мына сага!.. Мына!.. Иттин гана музообашы!..

Жайнап кеткен тура! (Ниязгул кыйкыргандан коркуп, ичинен онтойт). Ой, укмушуӊ кур, ай-йа, музообашьар да онтойт экен, ээ! Ох, эс алайынчы (Ниязгулдун үсүнө отуруп). Акетай, ээй, бул жердин ташы да жумшак болот бейм, былк-былк этип?.. (Катуу желип). Ой, баракелде, ай-йа, тим эле мамыктай болуп... Токточу!.. Анабу эмне болду экен, я?.. Кана, кана...

Ч а т е к ( жанталашып). Тигини ал, айланайын каракчы, тигини ал! Менин малым аз, тиги чириген бай... Бий кезинде далайды жеген. Алтыны көп... Жеткен зулум... Тигини ал... А, кудай-ай!

Алдар көсөө (сүйрөп чыгарып). Бакырба!..

Ч а т е к (калтырап). Макул, макул. Бакырбайын.

А л д а р көсөө (Ниязгүлдү көздөй атырылып). Зылдай кара таш десем, чөгүп жаткан дөө беле! (Таягы менен көчүккө уруп). Урунарга зоо мына, урушарга жоо мына! (Бутунан тартып.) Издегеним биякта турбайбы!.. Бисмилля ирахман ирахим!..

Н и я з г у л (тырышып). Жансоого!.. Жансоого!.. Малымды ал. Ным койбой ал!.. Жансоого, айланайындар!..

А л д а р көсөө (Чатекке кайрылып). Күбөсуӊ. Байдын малынын баары меники болду!..

*Н и я з г у л (корккону нан ийнин кагып, оозу-мурдун кыйшаӊдатат. Анан бет алдындагы Алдар көсөөнү көрүп, думана экен деп.) Атаӊдын башы!.. Кароакчы экен десем... (Көчүгү менен отурмакчы болуп, өксүп кыйкырат.) О, кудай! (Алдар көсөөгө тап берип.) О, доӊуз челгир десе!*

А л д а р к ө с ө ө (таӊ калган болуп). Ой, э-эй!.. Каракчылар десем, мырзалар турбайбы...

Н и я з г у л. Сүйлөбө!.. Думанасыӊ, кол тийгизгенге шарият жол бербейт. Болбогонодо, эки толорсугуӊдан асып, эки көзүӊдү карга-кузганга ойдурат элем!.. Эмне ыржаясыӊ, теке сүзгүрдүн думанасы?

А л д а р к ө с ө ө (жайдары күлүп). Мен думана эмесмин. Алдар көсөөмүн.

Н и я з г у л. Эмне?!. (Бүт денеси менен күлүп.) Уктуӊбу, ой, чатек, думана десек, Алдар көсөө турбайбы!

Ч а т е к. Уктум, байым, уктум. (Алдар көсөөгө.) Көргөндөр айтышкан, Алдар көсөө деген думана эмес, маскарапоз деп... Кимди алдаганы жүрөсүӊ, я?!.

А л д а р көсөө. Туура айтышыптыр. Алдар көсөө деген маскарапоз. Ошол мен болом.

Ч а т е к. (кыткылыктап). Алдар көсөө маскарапоз сен болсоӊ, думана кейипсиӊ, өз тасмияӊ канеке? Көк эшегин кыйтыӊ-кыйтыӊ жорголотуп жанынан чыгарбайт дешчү эле. Алдар көсөө маскарапоз болсон, ал тулпарыӊ канаке?

А л д а р к ө с ө ө. Акылман болсоӊуз, адамды кийиминен таанybай, өӊүнөн тааныӊыз, жан аке. Кайрылып турганымда, эскисин кармата берди, өмүрүм өткүчө тилеп өтөм, думанама өмүр-береке!.. Ал эми көк тулпарымды көргүӊүз келсе, байланып турат мына бул жерде, жок, аякта эмес, биякты караӊыз мынаке! Сиз айткандай, жанымда болчу эле. Жакында такый тууп берип... (Сыртты карап.) О, сабадай болгон жарыктыгым, тууганыӊ такый эмес эле, анык кудай безер, ээ!.. Адамдардын жанына апкелалбас болдум. Жембаштык көрсөткөн кишини көздөй эле качып турчу болду, ырбыйган араӊ өлгүр десе!

Н и я з г у л (бүт денеси менен кулүп). Ой, иттин думанасынын суйлөгөнүнүн көрчү, ой!.. Ха, ха, ха... Атаӊдын көрү, э-э, сөзүнө караганда жаӊкынын өзү окшойт. Азыр жайлабасам... Астапурулла!.. Ачууга берилбейин. Сынап көрөйүн. Башка бирөөнү өлтүрүп алсам, Жанчар хан шишкебек кылат. (Алдар көсөөгө.) Эй, думана, Алдар көсөө экениӊ чын болсо, айтчы, айылыӊардагы байыӊардын аты ким эле?

А л д а р к ө с ө ө. Мурдагы байыбыз Кекебай эле, ал өлгөндөн кийин анын ордун баскан Текебай эле...

Н и я з г у л. Апбали, бир жолу текебайдыкында конокто болдум эле, Ал урган мени менен сүзүлүшөм деп мүйүзүнөн ажырап... (Бүт денеси менен күлүп.) Ай, боорум ай,

Текебайдын катындары анын өзүнө окшотуп, ырбыйган-тырбыйган! Байкуш катындарым!.. Бири арстан тууса, экинчиси жолбор тууп, үчүнчүсү илбирс тууса, төртүнчүсү көкжал тууп... Мына, катын деп ушуларды айт!..

А л д а р к ө с ө ө. О, урматтуу байым! Катындарыңыздын ар кимиси өз атасына окшоштуруп тууп берип атышкан экен, эмне арманыңыз бар? Намаз окуңуз алардын этегине! *(Чатек курсагын тырмалап жаныманы калбай эчкирип күлөт. Ниязгул өпкөгө нукуганда томсоруп, отуруп калат).*

Н и я з г у л (өзүнчө). Сабыр этейин. Ачууга алдырбайын!

А л д а р к ө с ө ө. Окшой бекем, Алдар көсөөгө?

Н и я з г у л. Анын сакалы жок дешчу элего...

А л д а р к ө с ө ө. Такыр жерге чөп чыккан, көсөө ээкке жүн чыкпас болуптурбу. (сакалын алып). Эми окшодумбу?..

Н и я з г у л. алдар көсөөнүн өзү экенсиң, Чатек!

Ч а т е к. Ляппай, байым!

Н и я з г у л. Көзуңдү чоң ач, боорум!.. кыргыз-казактын атагын бут ааламга жайган азаматыбыз ушул. Көрүүгө зар элек. Эми минтип дидар насип буйруган окшобойбу, акыры жүздөштүкю Конокто. Төк тамак-ашыңды. Аяба!

Ч а т е к. Куп болот, байым.

Н и я з г у л (Чатекке шыбырап). Азыр жайлабыз. (Шаштырган болуп.) Бол, кыймылда!

Ч а т е к. Мынакей, байым. Заматта эле зыпыңдатып...

*(Ниязгул нары барып, үсүндөгү заркымкап чапаны менен суусар бөркүн чечип илет, билектерин түрүнөт. Чатек ыпың-жыпың этип дасторкондун тиягына бир чыгып, биягына бир чыгат. Этти кесе баштайт).*

*А л д а р к ө с ө ө (таягын комуз кылып чертет. Акырын).*

Эрмек кылып ойноткон,\
Түлкүм болсон, жалжалым.
Журок музун эриткен,
Күлкүң болсом жалжалым...

Ч а т е к. Пах, ыр эмес бекен, ау! Өрттөнүп кеттим го!.. Чок болуп кеттим го!.. айтчы, Алдар көсөө, канча ургаачыга ашык болдуң?

А л д а р к ө с ө ө. Ашык болгондорум жылдыздардан көп, сүйгөнүм бирөө гана...

Н и я з г у л (дасторконду көздөй барып). Сарт байыса там салат, кыргыз байыса катын алат дегендей, өмүрү катынга тойчу эмес элек Чокон ашык турбайсыңбы. Бали, бали... И, анын кандай неме, айтчы?

А л д а р к ө с ө ө. Көзү карагат, тиши курүч, күлгөнү күн, үнү жылаажын, илеби от, сөзү бал!..

Н и я з г у л (Алдар көсөөнүн сол капталына келип отурат). Чокон ашык болгонуңдун жөнү бар окшобойбу?

А л д а р к ө с ө ө. Кимдин кызы экенин өзүм да билбейм. Мен аны өмүр бою издеп келем. Нечен азапты башымдан кечирип, акыры тапканымда, ай күлкүлүү жүзүнөн нур төгүп, колун сунат. А мен болсом, ак куунун тыбытындай үлбүрөтүп, тотукуштай кулпунтуп, ийниме кондурам да:

Эрмек кылып ойноткон,
Түлкүң болсом, жалжалым.
Журок музун эриткен,
Күлкүң болсом жалжалым - деп, жайкы таңдын ак шоокумун көздөй учуп жөнөйм!..

Н и я з г у л (А л д а р к ө с ө өнү баса калып). Акмактын сүйгөнүн көрчү!.. Кем акыл албарстыны ийниме кондурат элем деп...

А л д а р к ө с ө ө. Байым!..

Н и я з г у л. Бас жаагыңды!.. Улуу урматтуу Жанчар хандан өйдө мыскылдайсың, ээ! Жакшы эле ойноттуң, маскарапозум,. эми бар го... Жанталашпа, чеңгелиме түшкөндөрдун бирөө соо калбайт. Чатек!..

Ч а т е к. Ляппай, байым!

Н и я з г у л. Бутун бас!.. Ныгыр!.. Бол!.. (Алдар көсөө менен алышып.) Тойдук маскарапоздугуңа! Калгандарын тозоко барганыңда көрсөт!..

А л д а р к ө с ө ө. Жо-ок, байым, маскарапоздугумду астыңызда жатып алып эле көрсөтө берем!

*(Ниязгул бычагын суурup, Алдар көсөөнү жүрөккө урмакчы болгондо, Алдар көсөө бош колу менен аваны чапчыйт. Кара чаар жылан билегине оролуп, Ниязгулга тап берет. Ниязгул бычагын колунан түшүрүп, бакырган бойдон чалкасынан кетет. Чатек башын катып, калч-калч этет. Алдар көсөө колундагы жылан менен Ниязгулга улам тап берип, залдагыларга көз кысат).*

Н и я з г у л. Ай, ай, баатыр, кулдук!.. Тамашаны түшүнбөйсүңбү? Албууттугу аюудай, алгырлыгы кыргыйдай дешкенинен сынайлычы деп эле...

Ч а т е к. И, ошентип эле...

Н и я з г у л. Кечирип кой, баатыр, кечирип кой.

А л д а р к ө с ө ө (жыланды койнуна катып). Калакай, ий, калакай, жыландан ысык деген ушул турбайбы! (Токойдун ичинен көзү айланган бирөө баш багат. Алдар көсөө белги берет. Тиги ошол замат көздөн кайым болот.) Акетай, э-эй, асман бетин бербей, берки эмне деген куштар болуп кетти, я?!. Учкула жаныбарларым!.. Сермегиле канатыңарды!..

*(Ошол айлана качыр-кучур этип, туш тараптан ач кыйкырыктар угулат. Ошолордун ичинен кимдир бирөөну муунутп жаткандай добуш жүрөктү үшүтөт. Алдар көсөөбаштап үчөө тең жер менен жер болуп жатып калышат. Ач кыйкырыктар улам күч алып, бара-бара басылат. Алдар көсөө башын көтөрүп, шолоктоп ыйлайт).*

Н и я з г у л (шыбырап). Алдар көсөө!.. Эмнеге ыйлап атасың?

А л д а р к ө с ө ө. Сурабаңыз, байым. Жанчар ханга увазир болом дегендер береки Кара-Сеңирдин токоюнан да көп дешет... Жарай турганы бирөө гана имиш. Тентектерди чыкыйга чаап, бузуктардын мойнун бурап, качырганын бутатпай, калдайган кыргызды бага турган азаматыбыз ошол, кудай бактысын ачып, Жанчар ханга увазир болсо жыргадык дешип; кош аяктуунун баары жаратканга жалбарышып... Мен болсом, кубанганымдан жерге-сууга батпай...

Н и я з г у л (мурдагысындай элешыбырап). Ким деген экен, аты-жөнүн билалдыңбы?

А л д а р к ө с ө ө. Бой келбети келишкен, кайраттуу, сүрдүү неме дешкен эле... Каракчылар өлтүрүп койгондой болду. (Шолоктоп ыйлап.) Таалайыбыз тайкы бейм!..

Н и я з г у л. Айланайын Алдар көсөө! Аты-жөнү ким деген дейт?!.

А л д а р к ө с ө ө.Аты Н и я з г у л дешкен. (Буркурап.) Кайран гана Ниязгул бай, ай, өлүп калды, ээ!..

Н и я з г у л. *(курсагы менен жер шыпырып, төрт аяктап жүгүрүп барат). Өлгөн жок. Ниязгул тирүү. Ниязгул менмин!..*

А л д а р к ө с ө ө. Алдабаңыз!

Н и я з г у л. Алдасам эле он эки катыным тугол талак болсун!

Ч а т е к. (бакачасынан төрт аяктап секирип). Алдаса эле он эки катыны талак болсун! Талак болсун!.. талак болсун!.. (Ниязгул олурайып карайт. Чатек кунөөлү болгондой акырын). Менин катындарым да талак болсун!

А л д а р к ө с ө ө.Мага далил керек. Кана, мындай болуңузчу. Ниязгулдун оң жаагында бармак басым тырыгы бар дешкен эле.

Н и я з г у л. Турбайбы. Мынакей, көргүн!

А л д а р к ө с ө ө (Ниязгулду кучактап). Ниязгул бай!.. Өлө элек турбайсызбы!.. Ырысыбыз тоодой экен! (Ыйлап.) Теңириме ыраазымын!..

Н и я з г у л. Ыйлаба, Алдар косөөм.

А л д а р к ө с ө ө. Туура, ыйлаган болбойт. Аракет кылалы.

Н и я з г у л. Кандай аракет?

А л д а р к ө с ө ө. Увазир болуу үчүн Жанчар ханга жетишиңиз керек. Жанчар ханга жетиш үчүн каракчыларды жазгырып, жол ачпасам болбойт.

Н и я з г у л. Кантип жол ачасың?

А л д а р к ө с ө ө. Бир гана амалы бар. Мен сиздин кийимиңизди кийип, атыңызды минип, түз эле каракчыларды качырып кирем. Алар кууйт. ажалым жетсе өлүп тынармын, көрөр күнүм болсо каракчыларды алда кайда жазгырып барып кутулуп кетермин.

Н и я з г у л. (бүт денеси менен амалдуу күлүп.) Сен го ошенттиң дейлик, а мен эмне болом?.. Алдагы тасмияңды кийип, көк эшегиңди минип кала беремби?..

А л д а р к ө с ө ө. Заркымкап чапаныңызды кийип, аргымагыңызды мингенден мен ниязгул болбойм, сиз менин тасмиямды кийип, көк эшегимди мингенден Алдар көсөө болбойсуз. Береки балакет каракчылардан кутулууну ойлоңуз.

Н и я з г у л. (көз ирмебестен Алдар көсөөнү кыйлага сурданып тиктейт. Анан ачуулу кыйкырат). Алдаган жүрөсүңбү, я?!. Атаңдын башы!.. Тапкан экенсиң май башты!.. Жогол, көзүмө көрүнбөй, мойсойм теңир урсун!

А л д а р к ө с ө ө. (койнунан жыланды чыгарып ойноп). Оболоп учкан бүркүт десем, кара жерде жөрмөлөгөн жөргөмүш турбайсызбы, Ниязгул бай. хан табылган элден, увазир кантип табылбасын. Келаткан чыгар бирөө пешенесин жаркыратып. Ошону издеп табам. Ошого кол кабыш кылам. Ошонун тилегин тилешем. Ааламдагы кийимдердин мыктысын кийип, тулпардын тулпарын минген увазир айга төбөсүн тийгизип бастырганда, менменсиңген баатырлар менен шырык мучө каракөздөр тизе бүгүшот, таасим этишет... "Күлсө күн тийгендей, каарланса күн күркүрөгөндөй сүрдүү увазирибиздин өмүрү узун болсун, аброю арта берсин!" - дешип, бата беришет... Бизге ошондой увазир керек. Сиз каракчыларга жем болуп кала бериңиз. Жүз көрүшкөнүбүз ушул болсун. (куржунун алып.) Кана, кайдасын, жаныбар көк тулпарым, кыйтың-кыйтың жорголоп жолго чыгалы. (Кетет.)

Н и я з г у л (көз ирмебестен Чатекти кыйлага сурданып тиктейт. Анан ачуулу кыйкырат). Былжырайт!.. Күлсө күн тийгендей жаркыраган, каарланса күн күркүрөгөндөй абаттуу адам мына менмин. Увазир мен болом!.. Ааламдагы кийимдердин мыктысын мен кийем,тулпардын тулпарын мен минемж. Айга төбөмдү тийгизип бастырганымда "Улуу урматтуу увазирибиз келатат!" - дешип, менменсинген баатырлар менен шырык мүчө каракөздөр тизе бүгүшөт, таасим этишет... Сүрдөнүшөт, ыйбаа кылышат... Өмүр тилешет, сук артышат!.. (Камчысы менен жерди сабап.) Увазир мен болом!.. Мен болом!.. Мен болом!.. Болбой калсам, кулак уккус, көз көргүс жерге барып, бийик аскадан боюмду таштайм. Ошенте албасам, доңуз болуп коркулдайм, карышкыр болуп улуйм! Увазир мен болом... Эмне кылтыясың?..

Ч а т е к. Увазир сиз болосуз, байым... бирок...

*(Ошол мезгилде айлананын баары шабырттап, ач кыйкырыктар үрөйдү учурат. Ниязул менен Чатек экөө жер менен жер болуп жата калышат. Кыйкырыктар басылат).*

Ч а т е к (башын көтөрүп). Каракчыларга жем болгон турабыз!

Н и я з г у л. Чакыр көсөөнү! Тез! (Чатек жүгүрүп чыгат. Ниязгул эки колун артына алып.) Мына, ойлобой иш кылсаң оңкоңдон сайыласың деген ушул. Аз жерден карга-кузгунга жем боло жаздабадымбы! (Чатек Алдар көсөөнү жетелеп кирет. Ниязгул утурумдап.) Көсөөнү акылы түштөн кийин кирет дешчү эле, бекер экен, мендей батек сакалдардыкы түштөн кийин кирет турбайбы. Жакшылык каалаганыңды кийин түшүндүм. Мен макулмун.

А л д а р к ө с ө ө. Сизди увазир болсо элге жакшы деп, алтын башымды курман кылайын десем, мени алдамчы деп согуп... Эми макул болбойм!

Н и я з г у л. Антпегин, Алдар көсөө, Кур кол койбойм. Мынакей, мына бу килем куржундун ичи дүнүйө... Жамбысы да бар... Ал, бардыгын ал...

А л д а р к ө с ө ө. Кой аңдыган карышкырдай каракчылардын тооруп турганын көрүп атасыз. Өлгөндөн кийин мунун кимге кереги бар. Албайм. Кттим.

Н и я з г у л. (Алдар көсөөнүн бутун кучактап). Айланайын, Алдар көсөө! Кетпе? (Чатекке.) Кучакта доңуз, тияк бутун!.. Жалын!..

Ч а т е к (Алдар көсөөнүн бутун кучактап). Садага кетейин Алдар көсөө! Байымдан өтөөрү жок. Ошол эле увазир болсун. Жардам кыл.

А л д а р к ө с ө ө. Болбойт. Байыңыз увазирликке жарабайт.

Н и я з г у л. (Чатекти жаакка тартып). Жүзүкара!.. Бетпак!.. Айтпадым беле...

Ч а т е к (түшүнбөй). Эмнени айттыңыз эле?!.

Н и я з г у л. Увазир болбоймун деп... (Чатекке.) Ооба дебейсиңби, акмак. Азыр көрөсүң, алдамчынын өзун алдайм. (Жаакка тартып.) Увазир болгун деп азгырган сен болчусуң!.. Сен!..

Ч а т е к. Ооба, ооба мен болчумун.

Н и я з г у л. Бир тууган карындашым каза болсо ошонун сөөгүн койгонго барбай, ханга увазир болчумун деп азгырылып... Айбанчылыгымды ушундан эле билбейсиңби!.. Болду!.. Экинчиувазир болом десем, букача өкүрүп, айгырча азанап калайын!

Ч а т е к. Байымдын айтканы чын. Жалган болсо текече бакылдап, кочкорчо корулдап калайын!

Н и я з г у л. Эптеп өткөрүп кой, Алдар көсөө баатыр, карындашыма барып топурак салайын. (Чатекке.) Өкүрбөйсүңбү доңуз!..

Ч а т е к. О, эсил кайран бир боорум, о-ой...

Н и я з г у л. Болду, Чатегим, кайрат кыл, айланайын. (Алдар көсөөгө.) Жалгыз карындашыма топурак салбай калсам өлүм эмеспи... өлтүрүп кет анда.

А л д а р к ө с ө ө. Жаман жерден кармадыңыз го. Эмне кылышты да билбейм.

Н и я з г у л. Алдар көсөөм!.. Ыйыгым!.. Кутманым!.. Ушундан куткарсаң, мал-мүлкүмдү берем, өмүр бою таманыңа төшөлүп өтөм...

А л д а р к ө с ө ө. Кыжырым келип турат, сизге. Бирок, өлүк деген ыйык...Арбак үчүн тобокел... болуңуз айнып кетелегимде.

Н и я з г у л. Мен даярмын, Алдар көсөөм.

А л д а р к ө с ө ө. Кылторко кийимимди сиздин самсаалыгыңызга алмаштырайын, көк тулпарыңдын ордуна чобуруңузду минейин, анан жолдогу канкор каракчылар кандайсыңар деп айхай салып кирейин дейсиң... Жүрүңүз батыраак!...

Ч а т е к. (Алдар көсөөнү торгоп). Мен эмне болом?!.

А л д а р к ө с ө ө. Ниязгул бай учкаштырып алсын.

Н и я з г у л. Оозуңдан айлансын!.. Каракчылар жолукса, буга кошуп мени да өлтүрүп салышпайбы!..

А л д а р к ө с ө ө. Мунуңуз чын. (Чатекке.) Кантмек элеңиз, тобокел деп, ушу жерге эптеп баш калкалайсыз да... (Ниязгулга) Жүрүңүз!..

Ч а т е к (чөгөлөй калып, үнүнүн бардыгынча). айланайын Алдар көсөө!.. Садагаң кетейин Алдар көсөө! Атамды да ал... бардыгын ал... ырайым кыл!

А л д а р к ө с ө ө (Ниязгулга). Мунуңузга бирдеме деңиз, болбосо айнып кетем...

Чате к. Секетиң...

Н и я з г у л. (жыга тебет). Жогол, кирбиңдеген жүзүкара!

*(Чатек мурдагыдан да катуу кыйкырып, топчосунан атып турат. "Жөн өлбөйм!.. Жөнөлбөйм" - деп, кадимки каратистерчесин так түйүлүп, колу-бутун арбаңдатып секире баштайт. Көбүнчө Ниязгулга тап берип секирет. Ниязгул "Мына бул шүмшүк, кантет, ой! Кантет!" - деп, уламбир жакка буйтайт. Акыры, "Жөн өлбөйм!" - деп, ачуу чаңырып, Ниязгулду көздөй секиргенде, Алдар көсөө көзгө илештирбей колун шилтетй. Чатек жалп этип жерге түйүлөт, бакачасынан төрт аягын керип солуп калат).*

А л д а р  к ө с ө ө. Уга кийиүүчү теке шымым бар эле... (Чатекти көк желкеден алып тургузат.) Жаман да болсо атың бар эмеспи... бас!..

*(Үчөө токой ичине кирип, кийим алмашып кийишет. Алдар көсөөнүн эскилери чон курсакНиязгулга чолтоюп киндигинен келип, өңурлөрү бири-бирине жетпей тыртаят. Алдар көсөөнүн теке шымы Чатекке шалбурап-шулбурап, бөз көйнөгүнүн тамтыгы жок, малакайынын төбөсүтешик. Айтор, Ниязгул экөөнүкү күлкү келтирет).*

А л д а р  к ө с ө ө. Жел болуп акырын, суу болуп шаркырайын, куш болуп учайын да, тулпар болуп сызайын!.. Арамдардын бактысы байланып, адалдардын жолу ачылсын! Оомийин! (Кетет.)

Н и я з г у л. Байлар байлыгынан ажал табат деп коюшат, акмак томояктар! А өздөрүчү?.. Алар кем акыл боорукерлигинен ажал табышат!

*(Сырттан аттардын дүбүртү чыгат. Ач кыйкырыктар жүрөктүсолкулдатып, "Карма!", "Жыга чап!""найзвгв ал!", "Алдын торго!", "Бол!" - деген үндөр угулат).*

Н и я з г у л. Чатегим!.. Акжолтоюм!.. Ана уктуңбу, боорукер томоякты боорго тээп, тирүүлөй ажалга салып бердик. Каракчылар улак кылып кетишти!.. Мен эми Жанчар хандын увазиримин! Ха, ха, ха... Эмне кубанбайсың, я?.. Таарынып калдыңбы жаңкыга?.. Ал амал болчу. Алдар көсөө боор оорусун деп жыга теппедимби. Антпегенимде, теке шым турмак, балакет да жок, эртең эле эки козуңду эки кузгун оюп отурмак.

Ч а т е к. Тирүү карындашыңызды өлдү деп... Баарыдан да, тексиз кулдун бутун кучактап, жалбырып... Беделибиз түшүп калбадыбы!

Н и я з г у л. Өңгүрөбө, доңуз!.. Увазир болгоннумча томояктын аягына жыгылсам, увазир болгонумда байы, томоягы болуп бардыгы менин аягыма жыгылат...

Ч а т е к. Байым! Түшүнсоңүз болбойбу, жарыктыгым!.. Таманын жалаганга тете болуп калбадыкпы!..

Н и я з г у л. Тете болсо болсун, өлбөйсүң!.. Эмне, тилиңде из калдыбы?

Ч а т е к (өксүп ыйлап). Биз мырза болсок... Абийирибиз булганып калбадыбы, байым!..

Н и я з г у л (амалдуу күлүп). Менин абийирим адамдардыкынан өзгөчө. Увазир болгонумдан кийин өзүнөн өзү эле тазарып калат! (Кубанычтуу.) Күржүң, күржүң, күржүңбай, күржүңдөгөн эргул, ай!.. Жүрү эми, буюрса жол ачылды, хандын ордосу кайдасың деп жолго чыгалы.

Ч а т е к (шымынын кашатын тартып). Ушул кейпибиз мененби?!.

Н и я з г у л. Булар болбосо, Алдар көсөөнү мойсогонубузга Жанчар хан кантип ишенмек эле. Бизге далил болот. (Колун кесеп.) Камак маскарапоз!.. Кем акыл айбандарды алдап көнгөн да!.. Дагы мени менен чарпышмак болуп... Алдуу бирди жеңсс, акылдуу миңди жеңет деген, арсыз көсөө! Ага акылың кайдан жетмек эле?!.

*(Ниязгул аса-мусаны таянып, бүт денеси менен жыргап күлөт).*

## ЭКИНЧИ КӨШӨГӨ
## ҮЧҮНЧҮ СҮРӨТ

Түн. Чынарбайдын үйү. Төр менен сол капшыттагы керилген жүккө кара кийиздер жабылуу. Май чырак араңжан үлбүрөйт. Чынарбайдан төмөнүрөө эки киши отурат. Бирөө укуруктай болгон кара киши. Кара кемселинин эки өңүрүн белине кыстарып, эки жеңин чыканагына чейин түрүп койгон. Башында кара кезмалдан чалма. Экинчиси кара тебетейчен чоң курсак пекене. Жеңи жок шырымалын майланышкан теке шымына шымданып алган. Экөөнүн тең белинде шалк этме, шамшар, түрмөктөлгөн аргамжылар... үчөө тең кумарчыларга окшоп, кандары ичине тартып, биринин кыймылын бири аңдып, көздөрүнөн от жанат.

*Ч ы н а р б а й (кара чалмачан менен кол кагышып). Бар береке!*

К а р а ч а л м а ч а н. Кошо түшүңүз !

К а р а т е б е т е й ч е н. Болуңуз, шашылышпыз!

К а р а ч а л м а ч а н. (ортодогу кара түйүнчөктү ачып). Карабайсызбы, канча дүнүйө!..

Кара тебетейчен. Болгондо да асылы да!.. Береки алтын сөйкө, билерик, тумарча, шакектерди байкаңызчы.Маралдай керилген кыз-келиндерге көрсөтсөңүз... акча эле дейсизби, өздөрүн да кармата салышат!.. өх, атаңдын көрү, ай, кыз-келиндерди эстегенимде көзүмө жаш айлана түшпөдүбү!

Ч ы н а р б а й. Тигини, тигини!.. Курсагын сүйрөй албай жүрүп, кыз-келиндерден айланат бекен! Макул болсоңор, алдагыны алып жолуңарга түшкүлө!

Кара тебетейчен. Ашык сураганыбыз жок, байым, битирленбеңиз, эмгегибизди кайтарыңыз.

Чынарбай (мыскылдуу кулүп). Буларды табамын деп канчай ай кетмен чаптың, тогологум? Сүйлөчү!

Кара чалмачан. Байым! Башыбызды өлүмгө байлап коюп, табабыз бул дүнүйөнү... берекелердин ар биринин баасы адамдын куну менен барабар.

Ч ы н а р б а й. Эмне, буларды оолак алпарып жымыруу силердикинен оңой бекен, я?!. Көнбөсөңөр апкеткиле!

Кара тебетейчен (шамшаарын сууруп, көзүн ойноктотот). Буларга кошуп башкаларды да апкетип жүрбөйлү, байым!

Ч ы н а р б а й (күлүмсүрөйт. Акырын). Мага шамшаар өтпөйт, тогологум. Уу да албайт. (Курсака муштап.) Чаначың менен ойлобой, ашкабагың менен ойлон!.. Кат шамшаарыңды. Шайтанга буйлатсаң... ажал артыңдан ээрчип алат. кутула албайсың. Менин колум узун!

Кара чалмачан. Калп айтсам, таманым чокко күйсүн, шамшаарым жүрөгүмдүн толтосуна кадалсын!.. Жанчар ханга увазир болсо биздин байыбыз болот, андай акөл адам жок дешип ким көрүнгөн мактап атат... Кана, марттыгыңызды көрсөтүп коюңузчу...

Ч ы н а р б а й. Тилиңе шайы төшөбөгүн, каракөөнөйүм!..

Кара чалмачан. Кошо түшүңүз. Эч болбогондо жүз сөлкөбай.

Ч ы н а р б а й. Менде ашык акча болбойт, чака тыйын да кошо албайм. Каалсаң, бар береке!

Кара чалмачан. Э, болуптур, э! (Чынарбай менен кол кагышып) Тап береке!.. Шашылып айтабыз. Кеттик, тогологум.

Кара тебетейчен (кара чалмачыга шыбырап). Кейибе,баатырым! Какап өлсүн!.. Андан көрө, жолубуз шыдыр, олжобуз мол болсун! (Бата кылып.) Оомийин!.. Ыйманда жатыңыз байым!

Ч ы н а р б а й. Тамак ооз тийсеңер болот эле, даяр эчтеме жок. Ка-ап!..

*(Каракчылар жетенчиктеп чыгып кетишет).*

Ч ы н а р б а й. Иттин гана каракөөнөйү десе!.. Кубанып атышат деп... Увазирди кастарлап... Увазир болгондун колунан эмне келет эле, я?!. Бийлиги бар дептамшанышат. И, болбосо эмне экен!.. Менин колумда бийлигим жок. Адал жУрУп, адал күн көргөн карапайым гана пендемин. Эр болбосо орду-түбүм менен сатып алып, же жик билгизбей мойсоп көрүшсүнчү. (Жыргап кулүп.) А, мен болсо... (Шыбырап.) Каалсам хандын өзүн да сатып алам! (Чоң кара түйүнчөктү өзүнө тартып.) Бийлигим ушул! Башка бийликтин кереги жок! (Жамбашынын астындагы курумшуну каңтарып, кара түйүнчөктүн ичиндегини үкөккө катат. Кайрадан табактагы этти алып, жей баштайт. Тыңшайт.) Токточу! (Этти катмакчы болгондо, аяр басып эки койчу кирет. Чынарбай сурданып.) Кишиби десем, силер белеңер, окшошкон арамдар! (Таза мүлжүгөн эки сөөктү экөөнө ыргытат. Алар мындайга жедеп маш болушкан окшойбу, жергше түшүрбөй шып-шып илип алышат). Бат-бат жеп жоголгула, тойбогон иттер! (Эки койчу сөөктөрдү кармалашып, Чынарбайды тиктешет. Кебелишпейт. Чынарбай сөзүн улайт.) Өйдө

карагандан ыйбакчы элеңер, эми болсотең атадан бетер жазганбай тиктепүюю Эмнеге антип калаганыңарды билбейт дейсиңерби?!.Угуп жүрөм, жаңкы Алдар көсөө деген маскарапоз менен дидарлашкандан бери койчу-колоңдордун баары өздөрүн адам санап, тилдери чыгып калды дешип... Тигини, жөн эле пайгамбар менен жуздөшкөнсүп... Жолобогула ага!.. Жеткен бузуку дейт. Эмне тикирейесиңер?.. Болбосо, азанатып күлдүргөндөн башка эмне кылып жыргатты аныңар?!.

Б и р и н ч и к о й ч у. Ат башындай алтындан бир чымчым күлкүсү артык анын!..

Ч ы н а р б а й. Тарт тилиңди!

*Б и р и н ч и к о й ч у.(тилин чыгарып, кайрадан шолп эткизип тартып алат). Айтканыңыз эки болбойт, байым!*

Ч ы н а р б а й. (өзүнчө). Айланайын кудурет, э-эй, кудурет! Берки бетпактын жоругун көрчү, ой! (Жиликтин бир башын тиштеп, көзүн үлүрөйтүп, мойнун шылкыйткан экинчи койчуну жеткире тиктеп.) Бу эмне деген отуруш, я?!.

Э к и н ч и к о й ч у. Муну ыксырап отуруш дейт, байым!

Ч ы н а р б а й (ала коюп). Өлтүрөм! Соём! (Эки койчу атып туруп, сыртка бет алат. Чынарбай сөзүн улайт.) Токтогула! (Кыска паузадан кийин.) Мына бу мен отурган жерди көрдүңөрбү?.. Мен жокто эже отурчу эмес беле бу жерде. Бүгүн ал жок... Ушундай кысталышта тойго барчумун деп ээленип... Унутуп калчу элеңер, дурустап таңшыгыла. Окус эжем экөөбүздөн башка бирөө береки жерге отуруп калса калса бар го... Бүгүн чоң союл жигиттерим да жок. Алардын ордуна силер келип, дароо таякка алгыла, башы-көзүн жарып кууп чыккыла!.. Улак кылып кеткиле!.. Уктуңарбы?..

Э к и н ч и к о й ч у. Уктук, байым. Дароо таякка алабыз! Башы-көзүн жарып, кууп чыгабыз! Улак кылып кетебиз!

Ч ы н а р б а й. Эми барып, короого коз салгыла... Бияккa да кулак туруп тургула.

Э к и н ч и к о й ч у. Барып короого көз салабыз. иякка да кулак түрөбүз. (Сөөктөрдү табакка салып.) Эртең келип мүлжуйбүз, байым. (Кетишет.)

Ч ы н а р б а й. Айланайын кудурет, э-эй, кудурет!.. Эмне деген күн болуп баратат, я?!. (Койчулар калтырган сөөктөрдү ыргытып, табакты катат. Тыңшайт.) Алыстан кербен келатыптыр дешип, чоң союл жигиттерим жортуулга кетишти эле. Олжого туйтунуп келип калышкан бейм! (Кайрадан кулак түрүп.) Эчтеме угулбайт. Кана, биякты бир карайынчы. (Жамбашындагы курумушунун колун салып, жыргап күлөт.) Ордунда экен!.. Ырысымды ушул үкөктүн ичине катып койгон турбайбы, теңирим!.. Ыраазымын!.. Бир гана арманым... Күрп болгон тооктой жамбашыбызга басып келатабыз эжем экөөбүз. Жумурткадан балапан чыгып, бири миң болуп өспөйт тура!.. Токточу!.. Айлана шыбырттап... Чоң союл жигиттерим окшобойбу!.. Буюрса, кербенди карактаполжо менен келатышкан экен!.. Киргиле, азаматтарым! (Эшикти шарт ачып, Чимилтен кемпир атырылып кирет. Чынарбай адегенде таңданып карайт. Анан мыйыгынан күлүмсүрөп, акырын үн катат.) Келиңиз, байбиче. Ким деген болосуз?

Ч и м и л т е н. Мен жалгыз көздүү...

Ч ы н а р б а й. Жез тумшуксуңбу?.. Хе, хе, хе... И, бирдеңке сатканы келгенсиң го? Кана, көрсөтчү. Тиш менен тиштеп, кол менен кармап бакмайынча кандай буюм экенин билип болбойт. Анын үстүнө буюмдун да баркы кетти...

Ч и м и л т е н. Оозуңа карап сүйлө, Чынарбай бай. Кол менен кармап, тиш менен тиштеп көргүдөй өлүк буюм эмес. Бооруна кысып, илеби менен аймалай турган перизаттар... Ай десе ай, кун десең күн!.. Бу дүйнөнүн ырахат жыргалын көрбөй так өтүп баратасың... Эки кыз жетелеп келдим... үйлөнүп ал ошол экөөнө... Чынарбай бир алганда эки катын алыптыр деген атка коносуң... Экөө тең жетим... Чегиле элек жумуртка... Кааласаң дагы таап берем... Жетимдер көп... Текейден арзан... Экөө эки жамбы. Бар болгону ошо...

Ч ы н а р б а й. Кереги жок. Алып кет.

Ч и м и л т е н. Ашыкпа, Чынарбай бай. Адегенде көрүп ал, жоопту анан бер.

Ч ы н а р б а й. Ыраазымын. Көрбөйм.

Ч и м и л т е н (ыржыйып күлүп). Көргөзбөй кочу мен бекем да, көрбөй койчу сен бекенсиң! (Сыртка карап кыйкырат.) Алтындарым! Күмүштөрүм!.. Кире койгула! (Жакшынакай кийинген эки кыз кирет.) Балекет-мээнетиңерди алайын жарыктарым, ий, силер киргенге үй ичи жарыкболо түшпөдүбү! (чимилтен жакын барып, астыртан ышкырынып.) Мелтиребегиле!.. Жаркылдап туруп оюнга түшкүлө!.. Миң бир эки кылык көрсөтүп... ийиткиле тиги арамды!.. Жаныңарды таштап ийгиле... Көзүңөр менен арбагыла!.. (Кыздардын беш-манттарын чечишип, Чынарбайга кайрылып.) Көрчү, атаңдын көрң, беттери манат, эттери ууз, балапан ышкындай солкулдашып... өңүңдө эмес, түшүңдө да көрбөгөн чыгарсың, кургурум!.. Дурустап карачы! Ушу эки периштенин койнунан өлүгүм чыкса да мейли деп атырылбайсыңбы, жигиттигиң ырас болсо!.. Улам бирөөнү кучактап бетин сүйгөнүңдө жаңы ачылган гүлдү жыттагандай кумардан чыкпайсыңбы, пендем!... Каныкей, жылдыздарым!.. Букардан келген даңазалуу бийчи катындан үйрөнүшкөн эле. Көрсөткүлөчү өнөрүңөрдү. Болгула! (Кыздар бийлейт. Чимилтен сөзүн улайт.) Иттик кылба. Үйлөнүп ал. Кысталып турам. Бар болгону эки жамбы.

Ч ы н а р б а й (кыздардан көзүн албастан). Сүйлөбө. Кыздар бекер ал деп алдыра албай атышса... эки жамбы деп... Азыр кыздан көп эчтеме жок...

Ч и м и л т е н. Ой, курган Чынарбай! Кыз көп болгону менен жакшысы жок, бардыгы тең алдаке-далдаке, беттерине эндик сүртүп, кубулжутуп кийим кийип, чоектогонду гана билишет. Этегин бүгө алышпайт. Булардын колунан бардыгы келет. Күйүмдүү, жароокер... Көзүңдүн агы менен тең айланышат... үйлөнүп ал, жыргайсың!

Ч ы н а р б а й (кыздарга). Токтоткула! (Бий токтолот. Чынарбай Чимилтенге.) Бир гана айтам. Үйлөнбөйм дегенден кийин бүттү. Баргын!

Ч и м и л т е н. Тигини, оңой эле кутулгун, бар, ээ!.. (Омуроолоп.) Чимилтен кемпирден оңой кутулбайсың. Кош жамбыга кош периштени албадыңбы. Бир жамбыга өзүмдү сатам. Үйлөн мага! (үстү-башын үзүп жулуп долуланат.) Үйлөн дейм! Үйлөн!

Ч ы н а р б а й (безилдеп качып). Мына бу кантет!.. Долуланба дейм!..

Ч и м и л т е н (өзүнчө). Ажаан болбосом... долу болбосом кантип күн көрөт элем!.. Азыркы заманда мөрөй ажаандыкы!.. Долунуку! (Айкырып барып мойнунуа чап асылат.) Күндузү күн болуп куйкалайм, түнөсу муз болуп тоңдурам... Үйлөн!..

Ч ы н а р б а й (көкүрөккө түртөт. Ачуулу). Жолобо бейжай!.. Мокочо!.. Бекерге да албайм. Үйлөнбөйм!.. Алып кет тигилериңди!..

Ч и м и л т е н. Үйлөн. Болбосо бир жамбыны колума кармат. Ага көнбөсөң жыпжылаңач болуп, айыл аралап жүгүрөм. Жанчар ханга, барам. Чынарбай зордуктап койду деп буларды күбө тартам. Боздойм!.. макулсуңбу, жокпу?

Ч ы н а р б а й. Сен эмне, кутуруп кеткенсиңби?!.

Ч и м и л т е н. Кутурганды көрө элек турбайсыңбы! (Көйнөгүнүн жакасын айрып.) Мынакей!..

Ч ы н а р б а й. Антпегин, уят!..

Ч и м и л т е н (эчкирип кулуп). Ой, өлөйүн, а, уят дегенин карсаңар, ой, уяты бардан бетер!.. Жамбыны карматпасаң, уятты көрсөтөм (Көйнөгүн биротоло айрымакчы болуп.) Кусур урсун!..

Ч ы н а р б а й. Ай, ай токто!.. Балакетке калган экемин го! (Чимилтенге жамбы берип.) Жоголчу деги!..

Ч и м и л т е н (жамбыны катып). Керек болгондо дагы келем. (Эки кызды жетелеп.) Башкалар токтобой эле өтүп кетчү эле. Каражолтой окшойсуңар. Баскыла (Чыгышат.)

Ч ы н а р б а й. Кимиси болбосун ушу, катын албайсың, аоам битир, жарык дүнөнүн ырахат-жыргалын көрбөй өтүп баратасың деп жеткиришет... Мага тийем деген кыздардын ата-энелери кадыр барктуу, дөөлөттүү кишилер болсо, менден калың сурабай, кыздарына кошуп тулпарларды эшигимдин алдына апкелип байлап коюшса, үлөнсө улөнүп да коёт элем!.. Жаңкы экөөңдөй тексизден болсо, кош жамбыга сатып алганым аз келгенсип, өмүр бою кийиндирет элем, кучактайт элем, аймалайт элем деп бекерге чыгым болуп,

азаптарын тарткыдай акмак белем!.. Керегим болсо бай колуктулар өздөрү келишсин!.. Мени багам-көрөм, бөпөлөйм деп убада беришсин!.. Өздөрү менен кошо дүр-дүнүйөнү артынып келип, алдыма чачып коюшсун! Ошентишсе кучактаса кучактап, аймаласа аймалап дагы коёбуз, атасынын көрү! (Кыска паузадан кийин.) Жок, үлөнбөйм!.. О, жыргалды билбеген акмактар! Жыргал деген момундай болот, мынакей, көүп алгыла! (Өзү отурган курумшунун астындагы үкөктүн оозун ачып, жүккө жабылган кара кийиздерди сыйрып ыргытат. Алтын-күмүш менен жүкөтөгү түрдүү килем, шайы, атластарга май чырактын шооласы чагылышып, үй ичи не бир чырайлык болуп кубулжуа чыгатю чынарбай балкып.) мынакей жоктон бар кылып, азап менен тапкан асыл заттарым! Бейиш деген ушул!".. Ырахат деген да ушул! О, курган ысырапкорчулар!.. Мени битир деп мыскылдайсыңар, ээ!.. Мендей бүрөнүн аркасы менен гана берекедей дүнүйөлөрдөн көз кайкып, адам баласы жыргап турат, мендейлер болбосо алар невак ач-жылаңач калмак!.. Шашпагыла! Ысырапкорчулуктан акыры өзүңөр кор болосуңар. Мен битир эмесмин. Мен бул дүйнөнүн кутумун!.. Олдо, кудай ур, ай-ай, сыртка чыккым келип чыдабай баратам. Ээн калтырып чыга берсем бекен! Үйдүн жанында бугуп жаткан бирөө болсо,булардын баарын шыпыра качып... Жо-ок, булардан кол жууганча, табарсыгымдын айрылганы жакшы!.. Үй ичин айландыра карап. О, ичи тар көралбастар!.. Чыныгы ырахатты билбеген наандар!.. Мени өзүңөрдөй көрөт экенсиңер да. Береки асыл дүнүйөлөрдү кез келди чачып, түгөкүч катындарга кылтактатса дейт турбайсыңбы. Ырахатыңар ошол экен да... Ырахат ал эмес!.. Катындарга кул болуп, катындарга дүнүйөну бастырган ырахатка жатпайт... Маа окшоп дүнүйөгө да, өзүнө да өзү бай, өзү хан болсо... Мына, чыныгы ырахат деп ошону айтат!.. Ха, ха, ха... Мени күлбөйт дешет, мен кантип күлөт экем, көргүлөчү!

*(Чынарбай колун жайып, асманды карап арсылдап күлгөндө, түндүктөн Алдар көсөө көрүнөт. Башын салаңдатып, көздөрүн аңтарылтат, оозу-мурдун кыйшаңдатып, адамдан башкача каткырат, тиштерин ырсайтат. Чынарбай "Жок!.. жок!.." - деп чаңырып, көз уйалткан жүктүн үстүн кара кийиздер менен бат-бат жаап, үкөктүн үстүн баса жыгылат. Чырак өчөт. Түнөргөн караңгылыкта эшик ачылат. Аяр басып Алдра көсөө кирет. Өтүгүнүн кончун камчысы менен чапкан сайын Чынарбай бакачасынан эле бир ордунда секире берет).*

А л д а р көс ө ө. Тур!

Ч ы н а р б а й (көзүн ыкшыйтып, ыктытат) Бир балакет тооруп турат! (Шыбырап.) Ким деген болосуң, я?..

А л д а р көс ө ө. Адам кайып деген болом. Бол чырагыңды жак!..

Ч ы н а р б а й. Адам кайып!?. Андай адам менен алакам жок эле (Чыракты күгузүп.) Эмне жумуштап келдиң, эле, мырза?..

А л д а р көс ө ө. Мырза эмесмин, Алдар көсөөмүн.

Ч ы н а р б а й. (киши экенин көрүп, чыйралат). Эй, сары ооз!.. Кимди ойноткон жүрөсүң, я? Алдар көсөөнү томояк деп уккам.

А л д а р көс ө ө. Бай жардыланбас, томояк байыбас болуптурбу?

Ч ы н а р б а й. Бышыксынбагын. Түнөк издегендерден окшобойсуңбу. Үй толо коногум бар, азыр келишет...

А л д а р көс ө ө. Эптеп батышабыз...

Ч ы н а р б а й. Казан аса турган ургаачы да жок.

А л д а р көс ө ө. Өзүбүз эле асып алабыз. (Сөөктү алат, Аны менен сүлөшүп.) Мен келгенче мүлжүп коюшкан тура. Чокон устукан белең?.. Эмне, эмне?.. Көп болчубуз дейсиңби?.. Калгандары кайда?.. Тактанын астында дейсиңби?.. Катып койду беле? .. Ким? өзүбү?!. Келеримди билип каткан го, сыйкы?.. Бали!.. Ошондой меймандос, айкөл деп уккам. (Тактанын астындагы табакты алдына тартып.) Биссмилля ирахман ирахим!..

Ч ы н а р б а й (бакырып). Уланган эт!

А л д а р көс ө ө. Уланганын билип жеп атам, сизди ууланбасын деп...

Ч ы н а р б а й (өзүнчө.) Ырастап эле Алдар көсөө болуп жүрбөсүн, сынайынчы. (Астыртан тиктеп.) Кабанаак иттерим бар. Көргөдүрсүң. Чоочун тургай, өзүмдү да борбуйдан алышат. Бу жолу үрүшкөн жок. Таң калып атам. Кантип өттүң?

А л д а р  к ө с ө ө. Мен сиздиен бетер таң калып атам. Менин келатканымды Чынар байга  кабарлап үргүлө деп чамынсам, сиз адам турбайсызбы, адамга үрбөйбүз дешип, тескери карап алышса болобу!..

Ч ы н а р б а й. Ой, баракелде-е!.. Адамга үрбөгүлө деп күчүгүнөн бери койдура албай жүрдүм эле. Акылына киришкен экен. Эми буга жовап берчи. Үйдү айланта камыш төшөп койгон элем, кере карыш кылып. Келатканыңда шыбыш чыккан жок, буга  да таң калып атам?..

А л д а р  к ө с ө ө. Ташка камырыды, камырга сүттү, сүткө майды, майга эжигейди, эжигейге этти, этке курутту, курутка жарманы, жармага кымызды, кымызга талканды улап көпүрө жасап өтүп келдим!

Ч ы н а р б а й (өзүнчө.) Алдар көсөөнүн өзү экен... Олда кудай, ур, ай-ай, өлүп баратам, эми эмне кылдым, ыя?!.

А л д а р  к ө с ө ө. Сиз эмне, тынч отура албай эле еары-бери ойдолоктоп...

Ч ы н а р б а й. Өз үйүмдө ойдолоктоймунбу, же оңкобаш атамбы, өзүм билем. (Өзүнчө) Кийингенин көрчү маскарапоздун!.. Куржуну да толтура экен... Атаганат , чоң союл жигиттердин жоктугун көрчү... Заматта тонотуп алып, өзүн о дүйнө атказып ийбейт белем! (Ойлоно калып.) Жо-ок, анткенде болбойт. Мында келгенин бирөө көрсө, түз эле мени өлтүрттү дешет. Кой, эптеп амалын таап, ит бекер сатып алайын. Мүмкүн, алдап да алармын. (Алдар көсөөгө кайрылып.) Кымпыңдайсың, ээ?.. Убара болбо. Мен алдатпайм. Эмне күлмүңдөйсүң, я?..

А л д а р  к ө с ө ө. Алдагым келсе, алдап коём. Азыр эле...

Ч ы н а р б а й. Азыр элеби?

А л д а р  к ө с ө ө. Көз ачып жумгандын ортосунда...

Ч ы н а р б а й. (бет маңдайына төрт аяктап жүгүрүп келет). Көз ачып жумгандын ортосундабы?.. Алдай албасаң, үстүңдөгү киймиң менен куржунуңду бересиңби?

Берем.

Ч ы н а р б а й. Убададан тансаң...

А л д а р  к ө с ө ө. Майнеке болоюн.

Ч ы н а р б а й. Теңиримди күбө тартам... Башта!

А л д а р  к ө с ө ө. Ашыкпаңыз, байым. Мен алдап кетсем, сиз эмне бересиз?

Ч ы н а р б а й. Менин эчтемем жок.

А л д а р  к ө с ө ө. Болуптур анда. Искектемей болсун.

Ч ы н а р б а й. Ал эмне деген балакетиң?!.

А л д а р  к ө с ө ө. Уттурсаңыз, үч тал сакалыңызды искектеп жулуп алам. Болгону ушул. Кана, макулсуңбу?

Ч ы н а р б а й. Э, тобокел!

А л д а р  к ө с ө ө. Убададан тансаңыз...

Ч ы н а р б а й. Катын болоюн. Кана, алдачы эр болсоң. (Төбөсүнөн өйдө шектүү караган Алдар көсөөнү тиктеп.) Эмне мелтирейсиң, болбойсуңбу?!.

А л д а р  к ө с ө ө. (санын чаап). Кокуй, алып кетти!.. Үкөктү алып кетти!.. Карма!.. Карма!..

*Ч ы н а р б а й*. (бир аз жалооруй түшүп, үнүнүн бардыгынча чаңырат). *О, кудай!.. Карма!.. Карма!.. Кар...*

А л д а р  к ө с ө ө. Бери болуңуз. Биссмилля ирахман ирахим (артисттик кыймыл менен бир тал сакалын жулуп.). Бар болгону ушу!

Ч ы н а р б а й. (боздоп.) Кокуй, кокуй!.. Жок, жок, башка жулдурбайм.

*А л д а р  к ө с ө ө.Башыңызга жоолук салам! (Чынарбай унчукпастан сакалын тосот. Алдар көсөө ушундан да бирдеке чыгарып, куудулданып жулат.) Бир... эки...*

*(Колундагысын дароо чөнтөгүнө катып.) Олдо, кудай ур, ай-ай, унутуп кетип тутамдап алган турбайымбы!..*

Ч ы н а р б а й. (айкырып). Бардыгын жулуп алдың, арам маскарапоз! Эми сеникин жулбасамбы...

А л д а р  кө с ө ө. (көсөө ээгин тосуп). Кыл калтырбаңыз, жулуңуз! (Чынарбай мулжуюп жер карайт. Алдар көсөө сөзүн улайт.) Ушинтип эле алдап коём. Бирок мен алдайын деп келгеним жок...

Ч ы н а р б а й. (үлүрөйө карап). Анан эмне, алдатайын деп келдиңби?

А л д а р  кө с ө ө. Алкайын деп келдим...

Ч ы н а р б а й. Ой, митаам, о-ой,... Тигини, тигини... Озуңдан айлансын? Увазир болбойм!

А л д а р  кө с ө ө. Бай...

Ч ы н а р б а й. Сүйлөбө!.. Көрбөйсүңбү, алдап-соолап увазир кылып, бу дүйнөнүн ырахатына кол үздүргүң бар экен го, ээ!.. (Күчөнүп.) Болбой дедим, болбойм!

А л д а р  кө с ө ө. Дурустап ойлонуңуз Ниязгул болсо ал жеткен мыкаачы, өчкор адам, бир жылга жетпей калкты тукум курут кылат. Сиз болсоңуз, элиңиздин аброю көтөрүлөт. Пешенесине шам жагылганы турат! (Чынарбай күлүмсүрөйт. Шектүү тиктейт. Алдар көсөө байкамаксан болуп сөзүн улайт.) Бирөөнүн чырпыгына зыян келтирбеген ак ниет, боорукер деп жан аттуунун баары тилегиңизди тилеп атышат. Күкүктөнгөн сууларды кечип, ай тиреген ашууларды ашып жүрүп, өз көзүм менен көрүп келбедимби...

Ч ы н а р б а й. Капырай де!..

А л д а р  к ө с ө ө (бетме-бет барып.) Ниязгулдай кан соргуч, ачкөздөн арылтып, калың элди ынтымак менен күн көрдүрсөңүз... Жакшы увазирден жанын да аябайт журтчулук... туу кылып колуна көтөрүп алат!..

Ч ы н а р б а й. И, дагы?!.

А л д а р  к ө с ө ө. Бүгүн түн оой Жанчар хан өзүнө увазир дайындайт имиш. Элдин камын ойлоп, увазир болгуңуз келсе... Меңиз, мобу суусар бөрктү кийип, заркымкапты жамыныңыз. Буларга кошуп береки кемер кур менен элик сап камчыны да алыңыз.

Ч ы н а р б а й. Булардын кунун кантип төлөйт элем!.. Албайм.

А л д а р  к ө с ө ө. Акы сурап атканым жок. Бекер берип атам.

Ч ы н а р б а й (мыскылдуу күлүмсүрөйт. Акырын). Ушунча дүнүйөнү бекерге беремин деп... Мени маңги ойлойсуңбу, я?!. (Өзүнчө.) Олдо кудай ур, ай-ай, өлп кетем го, кокуй. Эми эмне кылдым, я?!.

А л д а р  к ө с ө ө. Элдин тилегин орундатсаңыз, береки килем куржунду да берем... ичиндеги дүнүйөсү менен...

Ч ы н а р б а й. Муну да бекергеби?!.

А л д а р  к ө с ө ө. Ооба.

Ч ы н а р б а й. Алдар көсөө! Тулкүнү түлкү алдай албайт! Бекерге дебе. Анча-мынча сөлкөбайым бар эле, ошону алгын да, алдагыларыңды таштап кет. Антпесең бул арада каракчылар көп, баары бир тонотуп коёсуң. Увазир дегенди унут!

А л д а р  к ө с ө ө. Мен элдин тилегин айттым. Каалабасаңыз өзүңүз билиңиз.

Ч ы н а р б а й (мыскылдуу шыбырап). Ишенбейм сага! Ишенбейм!

А л д а р  к ө с ө ө. Эмнеге ишенбейсиз?

Ч ы н а р б а й. Жакшы көрөбүз дегениңер калп! (Алдар көсөөнү өзүнү каратып.) Эмне, мени көргөндө ичи-бооруңар элжиреп кетеби?.. Ошентет деп кашкайып туруп айтып көрчү, эр болсоң!..

А л д а р  к ө с ө ө. Башкадан жаңылсак да сизден жаңылбайбыз го дечү элек. Жаңылып калыпбыз. (Октой бытырап.) Айкөл десек ичи тар, ак көңүл десек карамуртөз, күйөрман десек мерез, мээрман десек ташбоор, ак ниет десек алдамчы, акылман десек кем акыл, баатыр десек коркоок турбайсызбы. Сизге тилеген кайран тилек. Кайран үмүт!

Ч ы н а р б а й. Тигини, ошентсем эле эрип кетет дейсиң го, ээ?.. Мага далил керек. Болгондо да тиш менен тиштеп, кол менен кармап көрө тургандай далил!

А л д а р к ө с ө ө. Андай менен биздин ишибиз болбойт. Биз айткан сөзгө эле ишенебиз. Мен кеттим. (Ордунан турмакчы болуп, кайра отурат.) Баса, унутуп баратыптырмын. Сизге деген аманат бар эмес беле.

Ч ы н а р б а й. Кандай аманат?..

А л д а р к ө с ө ө. Жумурткадан жаңы эле чегилген эки секелекти аял кылып алгын десе, чөбүрөмдөй болгон немелерди кантип алмак элем деп болбой койгон турбайсызбы. Ошенткениңизде Чимилтен долуланган имиш, андай болсо менин өзүмө үйлөн, же болбосо бир жамбыны колума кармат деп... Мынакей ошо жамбыңыз...

Ч ы н а р б а й (чырактын жарыгына салып). Менин тамгамдын өзү!.. Менин жамбым экен!.. Муну ким берип жүрөт?!.

А л д а р к ө с ө ө. Жаңкы эки секелекти дагы бирөөгө сатмакчы болгондо, эл чогулуп келип, Чимилтенди колго түшүрөт... "Чынарбайдын абийирдүү адам экенине дагы бир жолу ынандык. Жамбысын колуна тапшырып, дувай салам айт" - дешкен эле, көпчүлүк. Алардын аманатын тапшырдым. Эми кайтайын. (Куржунунун ичинен бирдеңке издеген болуп, уч-төрт жамбыны сыртка чыгарат. Аны көргөндө Чынарбайдын көзү чанагынан чыгып кете жаздайт.) Кайда койдум экен, я?

Ч ы н а р б а й (шыбырап.) Мына бу немене, я?!. Жамбыбы?!.

А л д а р к ө с ө ө. Ооба, жамбы.

Ч ы н а р б а й. Кимдики?!.

А л д а р к ө с ө ө. Ордомо келип көңүлүмдү ачсын деп, Жанчар хан чакырткан экен. Барып тамаша куруп бердим. Ошондон кийин "Сен өнөрүңдү көрсөттүң, мен байлыгымды көрсөтөйүн", деп улуу урматтуу хан жер астына өзү ээрчитип кирди... Ой, баракелде, ай-ай! Тиягым да жалт-жулт, биягым да жалт-жулт... Таманымдын астындагы алтын-күмүштүн кубулжуганын көрсөң, тим эле жердин түпкүрүнөн күн чыгып келаткандай болуп... "Калаганыңча салып ал, маскарапозум" - деп, Жанчар хан бапыраңдап... (Жамбыларын кайрадан куржунуна салып.) Бей-бечараларга берип келатып, калганы ушу (бир жамбыны Чынарбайга берет). Көз акыңыз.

Ч ы н а р б а й. Бекергеби?

А л д а р к ө с ө ө. Көз акыны акыга берчү беле.

Ч ы н а р б а й (шып ала коёт. Шыбырап). Хандын казнасын эч ким кайтарбайт бекен?

А л д а р к ө с ө ө. Кайтарганы менен ачкычтары увазирде болот тура (Куржунун ийинине салып.) Ошончо дүнүйө Ниязгулга буюрган окшойбу! Эмне тикирейесиз?.. Ниязгул увазир болсо, бүттү, эртеси эле биринчи болуп сизди мойсойт. Өткөн чоң тойдо анын атын башка чаап, артыңыздан карабай бастырып кеткен турбайсызбы (Бир жолу эътөлүп, сөзүн улайт). Ошондон бери ызырынып жүрөт дешкен. Эми болсо... Э, койчу, айтпайм...

*(Сырттан шабырттаган добуш угулат).*

Ч ы н а р б а й *(тыңшап). Бирөө жүргөнсүйбү, я? Бияктан келип, эшикти көздөй баскансыды! (Башын буруп карайт.Ошол маалда эшик акырын кыңкайып, ындоодой болгон бирөө баш багат. Алдар көсөө алдыртан көз кысат. Ындоодой неме тишин ырсайтып күлөт да, ошол замат көрүнбөй калат. Чынарбай жакасын карманып.) Ой, тобоң кур, ай-йа! Бир балээ көрүнгөнсүп... Мен эмне болуп турам, я?!. (Алдар көсөөгө.) Антпегин. Баштагандан кийин бүтүр. Чала калтырган болбойт.*

А л д а р к ө с ө ө. Эл сизди каалаганын угуп, Ниязгул канкор жигиттерин туш-тушка жамыратып жиберди дейт. Сизди жутса жол ачык да... Кошуңуз.

*Ч ы н а р б а й. Ай, ай, баатыр, отура турчу. (Сырттан дагы шыбырттайт. Чынарбай кулак түрүп, эшик тарапка башын бурат. Ошол учурда баягы ындоодой неме ырсайып эшиктен баш багат да кайрадан көрүнбөй калат. Алдар көсөөгө.) Бирдеңке көрдүнбү, я?!.*

А л д а р к ө с ө ө. Жок.

Ч ы н а р б а й (өзүнчө).Бир балээ тооруп турат! (Алдар көсөөгө жакын жылып.) Кетпечи.

А л д а р к ө с ө ө. Батыраак айтыңыз. Жолго чыгышым керек.

Ч ы н а р б а й. Ашыкпагын. Ойлоноюн.

(*Алдар көсөө эки ирет жөтөлөт. Ындоодой неме эшикти ачып, кирип келет. Ошол учурда "Жатыңыз!" - деп, үзүлө кыйкырып, Алдаркөсөө Чынарбайды баса жыгылат. Ындоодой неме адамдан бөтөнчө ачуу үн чыгарып, үстүртөн шамшаар урат да, ошол замат көздөн кайым болот. Иттердин арсылдап үргөнү угулат).*

А л д а р к ө с ө ө (башын көтөрүп). Ичер суубуз түгөнбөптүр!

Ч ы н а р б а й. Эмне болуп кетти, я?!.

А л д а р к ө с ө ө. Бирөө шамшар урду!.. Тигине!..

Ч ы н а р б а й (шамшаарды алып жарыкка салат, айландырып карайт.) Атаңдын көрү, э-эй, Ниязгулдун күмүш саптуу шамшаары турбайбы!.. Мынакей тамгасы жүрөт!..

А л д а р к ө с ө ө. Кошуңуз, Чынарбай бай.

Ч ы н а р б а й. Токто, маскарапозум. Ак ниет экенсиң... Жамбымды апкелип бердиң... Ажалдан да алып калдың... Ыраазымын сага... Элге да ыраазымын. Жакшы көрөрүңө аябай ынандым. Келе колуңду. Мен макулмун.

А л д а р к ө с ө ө. Бая эле ошентпейсизби. (Үстүңдөгү кийимдерди чечип берип.) Алыңыз.

Ч ы н а р б а й. Канча төлөйүн?

А л д а р к ө с ө ө. Бекерге дебедимби.

Ч ы н а р б а й. Ушунча дүнүйөнү беремин деп... Дале болсо алдаганы жүрбөгүн, я?!.

А л д а р к ө с ө ө. Ой, кокуй, күн, о-ой, сизди алдап эмне кылам. Бар болгон айыбым, сизге далил болсун деп жанталашып атпайымбы.

Ч ы н а р б а й. Эмнеге далил болсун деп жанталашып атасың?

А л д а р к ө с ө ө. Алдар көсөө көз жумду дегениңизге. Жанчар хан сурабай коймок беле. Сөзсүз сурайт.

Ч ы н а р б а й. Тигини! Өзүңдү акылдуу санап, башканы кеңкелес көрөсүң, ЭЭ!.. Сен тирүү турсаң, кантип көз жумду демек элем?!.

А л д а р к ө с ө ө. Мен ушундан ары казак агайиндерге кетем.

Ч ы н а р б а й.Казакта сага суутуп коюптурбу. Казактын өзүнүн Алдар көсөөсү бар.

А л д а р к ө с ө ө (казакча сүйлөп). Сол менмин гой. Сендерден жадаганымда казакты бир аралап келем. (Кайрадан кыргызча сүйлөп.) Казакча жаңылбай таза сүйлөйм, ошондон улам мени казак деп жүрүшөт. А чынында мен кыргызмын. Эми казак агайиндерге кеттим. Экинчи келбейм. Өзүмдүн кыргыз туугандарыма аябай таарындым. Көз жумду деп айта бериңиз, жаңылбайсыз.

Ч ы н а р б а й. Ой, митаам, о-ой, казак агайиндерге биротоло кеттим деп коюп, андан кийин бир балээни баштасаң, ээ!

А л д а р к ө с ө ө. Чынарбай бай!.. Бул дүйнөдө зар ыйлап тилегеним бул: жакшы адамдарга жакшылык кылсам дейм. Кошуңуз!..

Ч ы н а р б а й. Токто! (өзүнчө.) Бул митаамды тирүү жибергенде болбойт. Мен ишенбейм. (Алдар көсөөгө.) Апкел кийимдериңди.

А л д а р к ө с ө ө (кийимдерин берип). Эми эски куржунуңуз болсо бериңиз, тигини бошотуп алайын...

Ч ы н а р б а й (тамтыгы кеткен эски куржунду берип.) Ме, ала гой... Олдо, кудай ур, ай-йа, өлүп кетем го, кокуй, өлүп кетем го!..

А л д а р к ө с ө ө. Сизге эмне болду, курган киши?

Ч ы н а р б а й. Чыдабай баратам,айланайын...

А л д а р к ө с ө ө (колунан тартып). Отуруңуз, сөз бар.

Ч ы н а р б а й. Өлдүм!..

А л д а р к ө с ө ө. Токтоңуз!..

*(Чынарбай атып чыгат. Алдар көсөө Чынарбай отурган жердеги курумшуну каңтарып, астынан үкөктү алып, жаман куржунга катат да, ордуна так ошондой үкөктү коюп, билмексен болот. Чынарбай кирет.)*

А л д а р к ө с ө ө (заркымкапты кийгизип). Бат болуңуз. Бүгүн акыркы түн. Сыртта карагер күлүгүм байлануу турат, атказып коёюн.

Ч ы н а р б а й. Аны да бересиңби?.. Бекергеби? (өзүнчө.) Мунусу жанагыдан да шектүү! (алдар көсөөгө) Мынчалык марттык кылып, каалаганың эмне, айтчы?

А л д а р к ө с ө ө. “Ат күлүгү эр үчүн, эр күлүгү эл үчүн”, - деген эмеспи. Эл дегенде башым курман!

Ч ы н а р б а й (өзүнчө). Эл десе эле болду, өлө беришет, топорлордун тукуму ушундай келесоо! (Алдар көсөөгө.) Кор болбо, маскарапосум!

А л д а р к ө с ө ө. И, баса, береки куржунга бир үкөк жамбы салып...

Ч ы н а р б а й. Эмне дейт?.. Кайдагы жамбы?!. Кайдагы үкөк?!.

А л д а р к ө с ө ө. Жанчар хан үйлөнгөнү атат дейт Айнагүл аттуу кызга.

Ч ы н а р б а й. И, үйлөнсө эмне экен?

А л д а р к ө с ө ө. Увазир болгону атып, ханыңыздын тоюна кур кол барасызбы?.. Жанчар хан тартуу алганды жакшы көрөт дешкен... (Колун жайып.) Акжаркын адамдардын ак жолу ачылып, дүйнөдөгү жамандыктардын баары бүгүнкү түн менен кетсин! Оомийин! (Бата кылат.) Мен атты тартайын, бат чыгыңыз (кетет.)

Ч ы н а р б а й. Акмак!.. Көк мээ!.. Эл дегенде башым курман деп... Анткен менен бул шумпайга ишенип болбойт. Чоң баш баатырга унутпай айта кетейин. Кетип барткан жеринен жайлап таштасын. (Ойлоно калып.) Анткен менен маскарапоздун бир айтканы чын. Ниязгул увазир болсо, ордодогу мүлктү лап дегизе басат. Мени да соо койбойт. Кой, жөнөйүн. Токточу. Ырастан эле Жанчар хан тартуу алганды жакшы көрөт дешпеди беле. (Өзү отурган курумшунун астынан үкөгүн чыгарып ыйлайт.) Айланайын үкөгүм, сени бул жерден алганымда, жүрөгүмдү сууруп алып, жүрөксүз калгандай боло түшпөдүмбү!.. (Башын көтөрүп.) И, жаман кемпай десе!.. Хандын ордосуна барып, казнанын ачкычын өз колума алам да!.. Алтын-күмүштөрдү кум кечкендей кечип, бир четинен чычканча ташый берип, ташый берип.. түбөлүк увазир болмок белем!..(Эки жагын каранып, шыбырап.) Ошол эле дейсиңерби. Ааламдагы ууру-кески, кисабир, каракчылардын бардыгына сүйөнөр тоо болуп берип, алардан да өндүрүп албайт бекем!.. Өлгөнүмдө топурак менен көмбөй, алтын күмүштөр менен көмүшсө го... Мына шыбырт-шүбүрт болуп... Кайран чоң союл жигиттерим келди окшойт...

*(Союл көтөрүп эки койчу кирип келет).*

Б и р и н ч и к о й ч у. Жанч ууруну!.. Жанч! (өзү баштап Чынарбайды токмоктоп кирет). Улак кылып кет!.. Аяба, боорум!..

Ч ы н а р б а й (өкуруп.) О, бул менмин!.. Менмин дейм!.. Кокуй!.. Кокуй!.. Кокуй!.. Башым жарылды!.. Белим, ий, белим!..

*(Эшиктен алдар көсөө баш багып, аябай жанчкыла дегендей белги берет да, көрүнбөй калат).*

*Э к и н ч и к о й ч у* (кериле чаап). *Өлтүр каракчыны!..Чынарбай чириктин үкөгүн уурдап кетип, бизди сойгон жүргөн тура. Карсылдат!..*

*Ч ы н а р б а й (үкөк салынган килем куржунду кучактап, сыртка чыга качат). О, кудай, өлдүм!.. өлдү-үм!..*

Б и р и н ч и к о й ч у. Узатпа, бооорум!Жаткыза чап, кара ниетти!.. Жаткыза чап!..

## ТӨРТҮНЧҮ СҮРӨТ

Айлуу түн. Жанчардын ордосу. Чакан көлчө. Айланта тигилген мажрүм талдар. Жыгылып кетчүдөй болуп нары-бери тейтелеңдеп Жанчар кирет. Күлмүңдөйт. Ашыгат.

Ж а н ч а р. Кара түйрүгүм жарайт, машкедей жойлоп жүрүп таап келген экен колуктуну! Иш оңунда! Жаман жери, мага увазир болом дегендерден дайын билинбейт.

(Нары-бери басып.) Ой, товва, ай-йа!.. Мендей даңазалуу хандын уюткулуу журтунан увазирликке жарачу азамат табылбаса... Токточу!.. Тээ береки антаңдап келаткан ким? Шеркулбу?.. Ооба, ошол экен. Эч ким чыкпаса ошону эле увазир кылып койбоюмбу, я?

*(Шашып-бушуп Шеркул кирет).*

Шеркул. Кулдугум бар, таксыр. Көрүшпөгөнүбүзгө кыйла болду, сагынып кеттим... Уктап жатсам да улуу урматыңызга өмүр тилеп... өңүңүз жакшы экен, кудайга шүкүр, кубанып атам...

Ж а н ч а р. Кел, Шеркулум, кел. (Ай нуруна салып, күзгүгө каранат. Эрбейген сакалын сылап.) Мен да сагынып... И, ананчы, бир уруктанбыз да..

Ш е р к у л (өзүнчө). Өлөрүнө аз калган окшойт, көзү чүңүрөйүп кетиптир! Эмне кылсам экен, я?!. Көзүн боёсомбу, же болгонун болгондой эле айта салсамбы?.. Атаңдын көрү, э-эй, карасаң!.. Ханга эмне деп айтып барайын деп сынамакка сурасам, жаңкы Алдар көсөө деген эмне дейт дебейсиңби?.. Кой үстүнө торгой жумурткалап жатыптыр деп көзүн боёп бар, ошенткенде хан жакшы көрөт дейт. Тигини, көз-көрүнө ажалга түртүп... Мен акылдан бүткөн жанмын. Сендей шумпайлардын айткандарын дайыма тескери кылам.

Ж а н ч а р. Эмне унчукпайсың, Шеркулум?

Ш е р к у л. Эл аралап болуп, эми болгонун болгондой айтайын деп келип калдым!

Ж а н ч а р. Бали, Шеркулум. Мага чын сүйлөгөн жагат.

Ш е р к у л. Таксырым!.. Сиздей чынчыл падышага канткенде төгүн сүйлөмөк элем. Чынын айтам.

Ж а н ч а р. Төк!.. Кубанайын.

Ш е р к у л (өзүнчө). Ооба, кубанасың! Өлөсүң! (Ханга.) Казганактаган эл арасына бардым, "Акыл жарыштырабыз дегендердин бирин койбой оңколотуп салды, Жанчар хандай акылманыбызга өмүр тилейли, журт!" – деп, жар чакырдым. Ханыңдын бийик боюн пас кылып, узун тилин кыскарткан ким экенин билбейт окшобойсуңбу, курган кошоматчы. Биздин Алдарыбыз. Ханыңа айта бар, ыйлаган кыз ыйлабаган кыздын бетин тырмайт болбой өз соодасын кылсын!" – дешип каткырышкандай болсо...

Ж а н ч а р. Дурус аңгемең бар экен. Шеркулум. И, анан...

Ш е р к у л. Анан, элдин чоо-жайына келсек... Түмөндөгөн томояктардын ичерге ашы, кийерге кийими жок... чыгым үстүнө чыгымга басылып... Акылман эмессизби, таксыр, эптеп амалын таап, кол кабыш кылбасаңыз болчудай эмес, кышка жетпей кырылып калчудай... (Өзүнчө.) Өңү бузулду,кайгыргандан өлүп кетсе экен!..

Ж а н ч а р (ойлуу). Бали, Шеркулум, бали! Кыраакы турбайсыңбы!.. (Желип-жортуп Сейдене кирет.) Кел, кара түйрүк Сейденем, кел.

С е й д е н е. Келдик го, таксыр.

Ж а н ч а р. Эл кыдырып, жер кыдырып жүрүп жана эле келбедиңби, кара түйрүгүм. Кана, эмне угуп, эмне көрүп келдиң,төгүп жиберчи, Шеркул мырза уксун?

С е й д е н е. Элден айланса болот, таксыр. "Акылдуумун дегендердин бардыгын акылы менен жаткыза чаап, элинин аброюн көтөргөн акылман ханыбыз узак жашасын!" – дешип, көлөкөңүзгө жалбарышып... Бешиктеги наристелерге дейре сизге ыраазы!

Ж а н ч а р. Улай бер сөзүңдү, кара түйрүгүм!

С е й д е н е. Эми элиңиздин чоо-жайына келсек... Үкөк толгон пулубуз, короо толгон коюбуз, өрүш толгон жылкыбыз, жайыт толгон төөбүз бар, Сейдене катын, улуу

урматтуу ханыбызга айта баргын, анын амиринин астында кой үстүнө торгой жумурткалап турат, сени ханга тапшырдык, ханды кудайга тапшырдык дешип...

Ш е р к у л. Таксыр!.. Мунуңуз эл кыдырган эмес, кусур урсун! Айтканынын бардыгы калп!.. Меники чын. Мен эл аралап, бардыгын өз көзүм менен көрүп келбедимби!..

Ж а н ч а р. Шеркулум!.. Садагасы!.. Эл деген ким болорун билбейт турбайсыңбы!.. Билип алгын. (Табалуу күлмүңдөйт. Акырын.) Эл деген мына мен болом, сен болосуң, кара түйрүк, болот. Анан, байбача, соодагерлер менен байлар болот. Бизге окшоп адал эмгеги, тунук акылы менен мал таап, байлык күткөндөрдү гана эл дейт. Сенин көрүп келгендериң болсо... Байлык күткөндү билбеген майбаштар. Аларды ырысы жок каратамандар дейт! Элдин санатына кирбейт. (Сынагандай тиктеп.) Түшүндүң го дейм эми,ээ?!.

Ш е р к у л. Айланайын таксыр! Чынын айтып кел, чын сүйлөгөндү жакшы көрөм деп өзүңүз айтпадыңыз беле!

Ж а н ч а р. Чын сүйлөгөндү кара түйрүктөн үйрөн!.. (Күрсүнүп.) Анткен менен каргалар көзүн чукушпайт эмеспи. Тууганымсың. Ордодон оолагыраак жерден жылуу орун тапканымча жүрө тур. Бар. (Шеркул кетет. Жанчар Сейденеге.) Муунуп өлөм деп колукту чатак салып атат дешкен эле. Кандай?..

С е й д е н е. Өлсөчү өзү менен бири чачташып, бирин-бири чайнап атышкан, эми карасаңыз, бардыгы тең эже-сиңдидей ынтымакташып... Кайдан угушканын билбейм, кырк катындын үстүндө дагы катын алат деген эмне... Жакшы эле сабырландык, башка чыдабайбыз, же хан өлөт, же биз өлөбүз дешкендей болсо...

Ж а н ч а р. Акыр замана, э-эй, акыр замана!.. Көрчү!.. Катын баштары менен канды эңсешип... Сабабайсыңбы, ал иттерди!

С е й д е н е. Сабаганды айтасыз да, таксыр. Аз жерден менин өзүмдү өлтүрүп коё жаздашпадыбы!.. Таалайыма, ашпозчу көр отурган экен көлөкөдө, айылдан иниси келиптир... (Шыбырап.) Билбей жүрүптүрбүз, көрсө. Эки ирет дем салып койду эле...

Ж а н ч а р. Мына кызыкты көрсөң!.. И, и...

С е й д е н е. Катындардын баары койдон жоош болуп...

Ж а н ч а р. Кара түйрүгүм!.. Ашпозчу көрдүн дувасы чыныгы дува бекен, же... байкасаңчы, амал болуп жүрбөсүн?..

С е й д е н е. Мага ишенбейсизби, таксыр?..

Ж а н ч а р. Бир көзүнө ишенсе, экинчи көзүнөн шек санаган адам кор болбойт, кара түйрүгүм!..

С е й д е н е. Түшүмдөн көп чоочуйт элем, элирген бойдон бакырып-өкүрүп, чачымды жулуп талаага жүгүрүп кетчүмүн. Ашпозчу көр үч ирет дем салды эле, бүттү, сен көр, мен көр, азыр куландан соомун. Кара түйрүгүңүз кыраакы катын, таксыр!..

Ж а н ч а р. Бир кудаага ишенем, бир сага ишенем. Дилиң ак. Ыраазымын. Чыныгы жолборс катынсың! Кор кылбайм. Сөз тийгиздирбейм. Хандын сөзү бир.

С е й д е н е. Теңир жалгасын, таксыр. Батыраак жасанып чыгыңыз. Түн оой нике кыйдырып, кумар көз кыз-келиндер менен шайдоот жигиттерге шапар тептиргенден кийин... Сиздер барып... Сиздер барып... (Акырын ырдап, белин чайкап бийлейт).

... Көз карашың өрттөп баратат, өлтүрүп баратат,
О, жигит жан, жигит жан... (Өңгүрөп ыйлап ийет)

Ж а н ч а р. Мына бул кантет ой!.. Кудай урду го!.. О, болду үнүң өчкүр!.. Бирөө укса... турмушунан бузулган экен деп...

С е й д е н е. Таксырым!.. Жамандыка жорубаңыз, кантейин...

Жанчар *(кичинекей кара баштыкты ыргытып). Карма!.. (Овонго кошуп тейтелеңдеп).*

...Кумурска бел, Көкөм ай,
Үзүлүп кетер бекен, ай... Хи, хи, хи

Бул жалгандын ырахатына батсам дегенде, курган жүрөк дүпө-дүп, дүпө-дүп... (Көз кысып.) Бат эле даяр болом. (Чыгат.)

С е й д е н е. Тигини, өлүгүңдү гана көрөйүн телтеңдеген арамы десе... Көз кысымыш болуп... Ашык деп ойлосо керек. (Баштыкты көкүрөгүнө катып.) Ашык болгондо кайсы жыргатат элең!.. Атаганат, жаңкы ашпозчу көрдүн инисинин татынакайлыгы, ай!.. Ошондойдон болсо го!.. Кой, тездетейин (Лөк-лөк желип, жигит башы кирет.) Басылдыбы, жаңкы карабеттин ыйы?

Ж и г и т  б а ш ы. Аның күчөгөндөн күчөп... Катындардын эсин оодарып атат.

С е й д е н е. Киши сыягы жок талпактар десе!.. Чычкандай немеге алдары жетпей... Мына минтип санынан оё, оё...

Ж и г и т  б а ш ы. А-ай!

С е й д е н е. Эмне бакырасың?!.

Ж и г и т  б а ш ы. Чымчып алат да, анан дагы эмнеге бакырасың деп.

С е й д е н е.Сени жаңкы катындардын бири экен депмин...

Ж и г и т  б а ш ы. Оозуңа карап сүлө! Мен жигитмин!

С е й д е н е. Жигит болсоң, жок дегенде бир жолу көз ымдайт элең го...

Ж и г и т  б а ш ы. Невак эле ымдайт элем, кайсы жыныстан экениңди билбей куурап журбөйүмбү!..

*С е й д е н е. (көкүрөгүнөн баштыкты чыгарып). Карма!..*

Ж и г и т  б а ш ы. Алтын?!.

С е й д е н е. Кайсы жыныстан экем, тааныдыңбы?!.

Ж и г и т  б а ш ы. Катын жынысынана экенсиң!.. Болгондо да чүрөктүн чүрөгү, назиктин назиги... Качан келейин?

С е й д е н е. Өзүм айтам. Жөнө!..

Ж и г и т  б а ш ы. Жумуштап келгем. Таксырыбыздын колуктусу Айнагүл сулуунун агасы, Сейдене кудагыйга жолуктургун, айтарым бар деп, эшикте күтүп турат. Катыны экөө келиптир...

С е й д е н е. Ошолор эле жетпей аткансып... Айдап жибер!.. Эмне турдуң?

Ж и г и т  б а ш ы. Биз жөнгө келтирбесек, хандын колуктусу чорт мүнөз неме, муунуп өлүп калат дешти...

С е й д е н е. Бая эле ошондон баштабайсыңбы, колдурган арамы. Чакыр!..

Ж и г и т  б а ш ы. Куп болот, катын-жолборс! (Чыгат.)

С е й д е н е. (бөйрөгүн таянып). Алтындын жылуусу жок, күчү кыйын, ийбегенди ийитип, дөөнүн дөөсүн көтөрүп урат го, чиркин!

*(Жигит башы Алдар көсөө менен Эркайымды ээрчитип кирет. Алдар көсөөнүн үстүндө пиязы чепкен, башында суусар тебетей, быжыгыр кара көрпөдөн сакал-мурут тагынып алган. Эркайым кийими жупуну болгону менен өзүнө жарашып турат. Көө сүрткөн өңүнөн көзүнүн агы гана алаят).*

А л д а р  к ө с ө ө (шамдагай басып.) Даңазалуу жанчар хандын караса көзү, тыңшаса кулагы, кыйкырса үнү, ачууланса муштуму болгон, сүйлөсө сөз, атса ок өтпөс айтылуу чүрөк Сейдене кудагый, амансыңбы?

*(Эркайым экөө Сейденеге кулдук уруп, таазим этишет).*

С е й д е н е. (Алдар көсөөнү кайра-кайра карап, өзүнчө.) Капырай-йа, ушундай да окшош болот экен, ээ!.. Сакал -муруту болбосо, ашпозчу көрдүн инисинин эле өзү! Бирок ал тантык болчу. (Алдар көсөөнү карай берип.) Жигит эмес бекен, чиркин! (Кылыктанып.) Пешенедеги жылдызыңа жараша шилекейиңден бал тамган алтынга бергис кудалардан көрүнөсүң. Жүрүгүлө, улуу урматтуу ханыбыздын колуктусу Айнагүл кызыңарга ээрчитип барайын!

А л д а р  к ө с ө ө. Ашыкпагын, Сейдене кудагый. Айнагүл ушул жерге келсин. Жеңеси экөөлөп ортого алып, теске салалы, бизди ээн калтыргыла. Ишенсең мына, ишенбесең топ жигитке тоорутуп койгун.

С е й д е н е. Хандын ордосунан чычкан качып кутула албайт. Ээн-эркин сүйлөшө бергиле. Эптеп жоошутсаңар болду. (Эркайымдын бетин ачып көрүп). Апий, өлүгүңдү көрөйүн десе, мокочодой кылып кайдан таап алган бул өңү суукту! (Бирде Алдар көсөөнү караса, бирде Эркайымды карап кербезденет. Акырын ырдап, белин чайкап бийлейт).

Чүрөктөрдүн чын чүрөгүн көрбөгөн

Сокур белең

*Ой, жигит жан, жигит жан... (Алдар көсөөгө астыртан көз кысып.) Азыр келем. (Чыгат.)*

А л д а р к ө с ө ө (Эркайымга барып.) Эмне четтейсиң, Эркайым?.. Эмне унчукпайсың?.. Сүлөсөң,, Эркайым. Үнүңдү уккум келет. Ыйлап атасыңбы?.. (Көзүн тиктеп.) Таарынтып койдумбу?.. Айтчы, Эркайым!..

Э р к а й ы м. Жан аттуунун баары Эрчыдабас деп чакырышат эле. Өзүмдүн атымды башкалар тургай, өзүм да унутуп бараткан элем. Сен болсоң Эркайым деп... Адам көрүп, өз атымдан чакырганыңа көнө албай атпайымбы, Алдар! Жаман көрбөгүн, макулбу?

А л д а р к ө с ө ө. Эмнеге жаман көрмөк элем...

Эр к а й ы м (бет алдындагы ээндикти тиктеп). Мага эр чыдабаганы чын, Алдар. Бир да эр чыдаган жок. Билесиңби, эмнеге андай? (Алдар көсөөнү карап.) Мажит экөөбүз эртең баш кошобуз деген түнү, Алжанбай деген бай зордук менен ала качтырып, артымдан кууп барган Мажитти менин көзүмчө сабап өлтүрттү! (Көзүн аарчып.) Мени токолдукка алды! Анан, анысы аз келгенсип, сен өлгөн жылкычыңдыэстеп бой бербей атасың деп, Алжанбай бай кудайдын куттуу күнү уруп-сабап, байбичелерине чачымды жулдуруп... Өлгүм келди!.. Ошол саамда кандай периште колдогонун билбейм... Ашыгымды кыйнап өлтүргөнү аз келгенсип, өзүмдү да кудайдын куттуу күнү маскаралап, кемсинтип атышса... Мен өлсөм мага ким кейимек эле деп, өзүмө өзүм кайрат берип... Мурда мен көрүнгөндөн таяк жеп, көрүнгөнгө сүздүргөн маңыроо кызалак болсом, эми жаштайында жарадар болуп жаны ачыган ачуусу курч, тырмагы өткүр, качыраганын буйтатпаган илбирс катын болуп чыга келдим!.. Бай бирди айтса, мен миңди айтып, бай тап берсе, мен чап деп барып алкымдан алып. Бай эл көзүнчө жөн отургун деп эрдин тиштесе, мен ансаын ажааңданып чечекейге чаап... Акыры, Алжанбай бул жоругума чыдай албады окшойт, ата-энеме атказып ийди... Андан кийин мени чырайыма кызыгып улам бир бай алып... дале болсо "Кыял жосунума" чыдабай улам коё берип... Ошондон улам мен Эрчыдабас атка кондум!.. (Алдар көсөөнү муңайым кармап.) Чынында мен жакшы аялмын, Алдар!

А л д а р к ө с ө ө. Ишенем. Эркайым.

Э р к а й ы м. Сени күлгөндөн башканы билбеген дардаңпоздордун бириго дечү элем...

А л д а р к ө с ө ө. Бир көзүм күлгөнү менен, экинчиси дайыма ыйлап турат, Эркайым!..

Э р к а й ы м. Ошондой экенин өз көзүм менен көрүп атпайымбы, Алдар жан. (алдар көсөөнү өзүнө каратып сүлөйт.) Эч ким киши ордуна санабайт эле. Чырайыма кызыккан байлардан башкасы, жаныма жоломок тургай, жаа бою качышчу. Сен мени адам көрүп, Айнагүлгө кол кабыш кылалы деп жардам сураганыңда мен кубандым... Төбөм көккө жетти! (Көкүрөгүнө башын коюп, басаң үн менен.) Ыраазымын сага!.. Ыраазымын!

*(Айнагүл жүгүрүп кирет. Бетинде чүмбөтү бар.*

А й н а г ү л. Байке!

А л д а р к ө с ө ө. Акырын! Мен байкең эмесмин. Алдар көсөөмүн.

А й н а г ү л. Калп айтпа, Алдар көсөөгө окшобойсуң. Башкасың.

А л д а р к ө с ө ө. Бери карачы, Айнагүл.

А й н а г ү л. Карабайм! Кеткиле дейм! Мен өлөм!

Э р к а й ы м (Айнагүлдү карыштыра кармап). Улуу киши сөз айтканы жатса... бала деген баладай болбойбу!..

*(Алдар көсөө жайдак абадан жумуртка алып, оозуна салып жутуп, экинчи колу менен кулагынан балапан чыгарып көрсөтөт. Айнагүл жыргап күлөт. Алдар көсөө, тигинин жанына барып, ээгиндегиси байланма сакал экенин көрсөтөт).*

А й н а г ү л *(Алдар көсөөнү кучактап). Алдар байке!*

А л д а р к ө с ө ө. Ыйлаба садага!..

А й н а г ү л. Жүрүңүз, качалы!

А л д а р к ө с ө ө. Айнагүл! Токто!.. Качкан менен кутула албайбыз. Башка амал бар.

А й н а г ү л. Кандай амал?

Э р к а й ы м. Сен менин ордума Эркайым болуп, ата-энеңе кетесиң. Мен сенин ордуңа Айнагүл болуп, Жанчар хан менен калам.

А й н а г ү л. Эркайым эже!.. Мунуңуз бар го... Эмне дешти да билбейм... Сиз...

Э р к а й ы м. Айнагүл!

А й н а г ү л. Жок, Эркайым эже! Өз азабымды өзүм тартам. Ыраазымын сизге! Батыраак кетиңиздер, хан билсе соо койбойт.

Э р к а й ы м (бооруна кысып). Айнагүлүм!.. Садага болоюн наристем!..

А й н а г ү л. Эркайым эже!..

Э р к а й ы м. Менден камыраба. Турмуштун азабы эжеңди аябай бышырды. Жемимди жедирбейм!.. Коркпо!..

А й н а г ү л (кучактап ыйлайт). Миң мертебе ыракмат, эжекебай. Бирок...

Э р к а й ы м. Болду!.. Унчукпагын! Жанчар хандан эптеп бошотсом, бул дүйнөдө жыргаганым ошол! (Колунан алып.) Андан көрөк тилимден чыкпай, айтканымды кыл. Кеттик!.

*(Сахнада Алдар көсөө жалгыз. Сол жактан бирөөнү көрүп, бүткөн-боюн жасанат).*

*А л д а р к ө с ө ө. Мени арбаганы менен, Сейдене катындын көз карашы жаман. Шектенгендей болуп турат. Эмне кылсам экен? (Ойлоно калып, жарк этип күлөт. Суусар тебетейин куржунуна катып, башына ак истанпулдан селде ороно коёт. Эки колун, артына алып асманды тиктейт.) Я, кудаа!..*

*(Сейдене кирет.)*

С е й д е н е (өзүнчө). Суусар бөрктөн да чалма сонун жарашат тура! (Алдар көсөөгө). Жылдызга сыйынып атасыңбы, хан куда?

А л д а р к ө с ө ө (жалбарыңкы тиктеп). Асмандан издегеним жерде жүргөн турбайбы, таң чолпонундай жоодурап...

*С е й д е н е (кылыктанат. Акырын ырдап, белин чайкап бийлейт).*

Көз карашың өрттөп баратат, өлтүрүп баратат,

О, жигит жан, жигит жан... Ушул ырды таксырыбызга ырдап кылыктансам, чын көрчү окшобойбу, кургур... Өлүп кетейин, балбан кучагыңдан өлүгүм чыкса ыраазымын! Сүлөчү.

А л д а р к ө с ө ө. Уюткулуу ордодо шам болуп жанган буран белим, шылтоо табылды, келип калдым аябастан аттын терин, жай кучагыңды, эркелейин, сөздүн ток этери ушул, башка эмне дейин?!.

С е й д е н е. Башка сөздүн кереги жок, хан куда. Жакшы көрөм, тиги, бу деп былжырап отургандан эмне пайда. Бардыгы келип бир гана ырахатка такалат. Адегенде хандын никесин кыйдыралы, экөөбүз ошондон кийин балкыйлы, ээ? Өзүм айтам.

А л д а р к ө с ө ө. Токтогун, бураң белим!.. Куру аякка бата жүрчү беле. Алаканды ысыт, болбосо, кудай урсун, айнып кетем.

С е й д е н е. Илгери катындарга белекти эркектер берчү экен, эми болсо катындар эркектерге белек берип... (Балжактап күлүп.) Ай, мейличи. Бу жалганда ырахаттанып өткөндөн артыгы жок. Таксыр менен жолуккан сайын туруп-туруп эле өңгүрөп ийем, ашык болгон немеден бетер. Ал байкуш болсо, чыны менен эле ошондойбу деп корккonунан жем таштап турат, мына минтип. (Азанап күлүп.) Ошо телтейген байкуштун

ашык болгону да курусунчу! Ургаачы бүркүттү таранчынын айгырына алып бергендей болуп, ошондон кайсы ырахат дейсиң!.. Карма! (Көкүрөгүнөн кичинекей баштыкты алып берет.) Ачып көрбөйсүңбү.

*Алдар көсөө (баштыктын ичин тиктеп). Алтын?..*

С е й д е н е.Бу жалгандын ырахаты - амалын ойлоп буюм тапмай, анан ашыглыктын отуна куйкаланып... балкымай!.. Өх, чиркин, ай! (Шыбырап.) Даяр болуп тур, өзүм айтам.

А л д а р  к ө с ө ө. Жакшы болот, бураң белим. Эми хан күйөөнү ээрчитип кел.

С е й д е н е. Мына мен лекилдедим. (Чыгат.)

*(Эркайым менен Айнагүл кирет).*

А й н а г ү л. Ай-ий, сиз тим эле адам жутуп ийгендей болуп.... Эркайым эже!..

Эркайым (эркелетип бооруна кысып). Акырын! Эркайым эже эмес, кызыкемин.

*(Бир топ жан-жөкөрлөрү менен Жанчар келет).*

С е й д е н е (Жанчарды жандап, үнүн көтөрө салып). Күөө келатат!.. Күйөө келатат!.. Пош! Пош! Пош! Күн менен ай баш кошушту! Күйөө менен колукту баш кошту!.. Күн менен ай баш кошушту!.. Карызым жок, ханым, колуктуну өз колум менен тапшырдым!..

Ж а н ч а р. Колуктунун келбетин көрүп маашыр болдум, эми жүзүн көрөйүнчү. (Эркайымдын жүзүн ачып көрүп.) Өх, кудай, ай-йа! Чырайынан көзүм карыга түшпөдүбү! (Сейденеге көрүндүк берип.) Дилиң ак. Ыраазымын сага, катын-жолборс! Кор кылбайм. Хандын сөзү бир!

С е й д е н е.Асманда теңирим, жерде сизсиз, таксыр! Эми нике кыйганга баралы.

Ж а н ч а р. Алтыным колумду кармаганда эле никебиз кыйылып калган... Ушундай эмеспи, кудай кошконум?

Эркайым. Ошондой, төрөм.

А л д а р  к ө с ө ө. Нике кабыл болсун, хан күйөө!..

Ж а н ч а р. Айтканыңыз келсин, кайнага.

А й н а г ү л. Нике кабыл болсун, хан күйөө!..

Ж а н ч а р. Теңир жалгасын, жеңекебай. (Айнагүлдүн колуна акча карматат. Тийишет.) Жашчылыкта ушундай турбайбы, жүрөк кургур жалындап эле...

А й н а г ү л. *(түртүп).* Кантет, ой, арам чечек, колунун кармаганына не бересиң! Турчу нары, жашабагыр!..

Ж а н ч а р. (телтеңдеп барып зорго оңолот). Жеңемдин чын тийбестиги, ай-йа!.. Жашчылыкта ойноп күлгөнгө эмне жетсин!..

С е й д е н е. Күйөө кут болсун, ханшайым! (Бетинен өпмөкчү болуп.) Айланайын, э-эй, көзүң жамандыкты көрбөсүн!.. Айнагүл эмес, башка го... Токточу!

Эркайым. (Алдар көсөөгө). Билип койду!..

С е й д е н е. (үнүнүн бардыгынча кыйкырып). *Таксыыр!..*

А л д а р  к ө с ө ө (тигиге удаалаш). Хан күйөө!..

С е й д е н е. Таксыр!

А л д а р  к ө с ө ө. Хан күйөө!..

С е й д е н е (долуланып). Таксыр!..

Ж а н ч а р (Сейденеге.) Бас жаагыңды! Бир тууган кайнагам үн катып атканда саа эмне жок. Сүйлөңүз, урматтуу кайнага.

А л д а р  к ө с ө ө. Сейдене катындын ниети туура эмес экен, хан күйөө.

Ж а н ч а р. Мен адилетмин. Далилдеңиз.

С е й д е н е. Таксыр!

Ж а н ч а р (каардуу). Тек! Экинчи ооз ачсаң өлөсүң! (Алдар көсөөгө.) И, кана!..

А л д а р  к ө с ө ө. Мындан бир аз эле мурда Сейдене катындын жалбарып атканын угуп калдым. "О, теңдешсиз баатырым! Ашыгым!.. Арманым!.. Атыңда шер, өзүң да шер - Шеркулум!.. Тал чыбыктай ийилген ууз денемди балбан кучагыңа алып, сөөктөрүм кычыраганча кысчы, ак жүзүмдөн сүйүп, ак мамагымдан аймалап ойночу. Коргошун

болуп эрип баратам, Шеркулум!.. Бир гана шарт. Ашыглыкты да, жакшылыкты да билбеген Жанчардын көзүн тазалабасаң экөөбүзгө күн жок" - дегенде...

Ж а н ч а р. Шеркул дароо эле макул болду дечи?.. Курулай сөз. Мага далил керек.

А л д а р к ө с ө ө. Ошенткенде жанындагы ашыгы кыйлага үн каткан жок.

Ж а н ч а р. И, анан?

А л д а р к ө с ө ө. Анан көптөн кийин гана... "Кур аякка бата жүрчү беле Сейдене сулуу", - деди...

Ж а н ч а р. И, дагы?..

А л д а р к ө с ө ө. Ошону укканда, Сейдене катын күлүп ийди. "О, караанындан айланайын ашыгым, арманым!.. Атың да шер, өзүң да шер, Шеркулум!" - деп, мына минтип бетинен өөп, анан...

Көз карашың өрттөп баратат, өлтүрүп баратат,

О, жигит жан, жигит жан деп ырдап берегинтип белин чайкап бийлей баштады...

Ж а н ч а р (өзүнчө). Атаңдын көрү, ээй, окшоп баратат! (Алдар көсөөгө) Сүйлөй бер, урматтуу кайнага...

А л д а р к ө с ө ө. Бий бүтөрү менен Сейдене катын шарт сууруп алды... өзүнүн көкүрөгүнөн... Чыдай алганым жок. "Жан алгычтар!" - деп, кыйкырып ийдим!.. Экөө эки жакка качты...

Ж а н ч а р. Ошол элеби же дагы барбы?

А л д а р к ө с ө ө. Жада калса ажыга да ишенбейт экенсиз да. (Койнунан кичинекей кара баштыкты чыгарып, ханга берет.) Мынаңыз.

Ж а н ч а р.Атаңдын көрү, ээй, атаңдын көрү!.. Ой, лөкүйгөн арамы, ниетим ак деп балжактачу элең, көрсө, ичиңдин баары арам турбайбы!

С е й д е н е (өксүп кыйкырат). Таксыр! Бу баштыктын жөнү башка. Жашчылыкта бир марта балкып коёлу десем, куру аякка бата жүрбөйт деп кудаңыз акы сурап... сулуу жигит экен , айнып кеткеним ырас эле...

А л д а р к ө с ө ө. Мекеге барып келген кудайы момун кайнагаңызга жалаа жаап атат, тыйып коюңуз, хан күйөө!

С е й д е н е. Таксырым!..

Ж а н ч а р. Тек!

С е й д е н е. Айланайын, таксырым!.. "Бир кудаага ишенем, бир сага ишенем. Дилиң ак. Кор кылбайм. Сөз тийгизбейм. Хандын сөзү бир." - деп, азыр эле айтпадыңыз беле...

Ж а н ч а р. Канкорлугуңа жараша бет тырмалыгың да бар турбайбы! Качан айттым эле?!.

С е й д е н е. Хан башыңыз менен сөзүңүздөн жанасызбы, таксыр?!.

Ж а н ч а р. Болду! Хан сөз бербейт. Берсе эч качан жанбайт. Сөз берген эмесмин. Жалколор турбайсыңарбы!.. Жигиттер! Бизден кетпесин. Дале болсо адамгерчилик кылалы... Береки немени шаан-шөкөтү менен узатып койгулачы. Тез!

*(Сейденени далдаңдатып, жигиттер алып кетишет).*

Жанчар. Теңир жалгасын, кайнага. Жакшылыгыңызды унутпайм!

*(Ашпозчу көрүнөт. Алдар көсөө белги берет. Ашпозчу артына кылчайып кол булгалайт. Келин-кыздар менен жигиттер кирип, “Куш боо бек болсун, хан жезде!” – дешип, куттукташат. Жанчар улам бирине жүгүнүп кымпыңдайт. Жигит башы жүгүрүп кирет).*

Ж и г и т б а ш ы. Кулдугум бар, таксыр. Бир дөө адам келип күтүп турат.

Ж а н ч а р. Ким деген экен?

Ж и г и т башы. Увазир болгону келдим дейт.

Ж а н ч а р. Оозуңа май!.. Чакыр!.. Тез!..

Ж и г и т б а ш ы. Куп болот, таксыр. (Чыгат.)

Ж а н ч а р (айланасында тургандарга кайрылып). Кудаанын пенделери! Жандан артык көргөн букараларым! Куттук айтканыңарга кулдук! (Үнүн көтөрө салып.) Кырк

катын алыпмын. Наяты катын заты кандай болорун азыр гана билдим. (Эркайымдын колун кармап.) Акжолтоюм ушул, карап алгыла! Мени ырахатка бөлөйт! Аброюмду көтөрөт. Ушундайбы, кумар жазарым? (Эркайым астыртан билгизбей Жанчарды өбүмүш болуп катуу тиштейт. Эч нерсе билмексен болуп, туруп калат. Жанчар кудайга үнү жетип кыйкырат.) О, кудай! (Өзүнчө.) Тиштеп албадыбы, кокуй!.. Өпкөндү билбеген кургур, өбөт деген ушул экен деп тиштеп албадыбы!.. О, кудай! (Айланасында тургандарды карап.) Жыргаганымдан кыйкырсам, эмне делдейесиңер, я?!. Күлүп жыргабайсыңарбы...

А л д а р к ө с ө ө. Ырас эле, күйөө бала жыргаганынан кыйкырып атса эмнеге делдейебиз... Келгиле, күлүп жыргайлы...

*(Бардыгы күлүшөт. Жигит башы, Ниязгул менен Чатекти ээрчитип кирип, кайра чыгат. Ниязгул, Алдар көсөөнүн баягы самсаалаган киймин кийген калыбында. Өзүнүн сакалынын үстүнөн эчкинин куйругун тагып алган. Жеңишке ээ болгон колбашчыдан бетер чамгарактап, лөк-лөк желет, эки жагын сыймыктуу каранып, ортого чыгат. Чатек теке шымдын кең кашатын кош колдоп коюп, четкерээк турат).*

Н и я з г у л. Ассалоом алейкум, алдаяр ханым.

Ж а н ч а р (боору калбай кыткылыктап). Мына кызыкты көрсөң!.. Ким деген болосуң, я?

Н и я з г у л. Увазириңиз болом. Атым Ниязгул.

Ж а н ч а р (нары-бери кетип). Ой, боорум ай! Увазирим болосуңбу, я?.. Атың Ниязгул, ээ?!. Ой, аңылдаган арам, кейпиң эмне? Киндигиң жабылбай... Думанадан бетер самсаалап...

Н и я з г у л. Бу менин тасмиям эмес, бу далилим. Көрдүңүзбү, Алдар көсөөнүн сакалынан бери апкелдим. Асамусасы да бар. Ал тургай, көк эшегин да мине келдим.

Ж а н ч а р. Көрчү, ой!.. Сөзүндө акыйкат бар. Бир гана сувал. Өзүңдүн увазирлик вазипаңды кандайча түшүнөсүң! Жовап берчи.

Н и я з г у л. Мен элдин кулумун, таксыр. Ар убак элдин чоо-жайын тартып, жыртыгы болсо жамап, тешиги болсо бүтөп турмай. Бул бир жагы, экинчиден, хандын кулумун. Чырым этип уйку бетин көрбөй, оозуңузду эле карап турмай. Эмне десеңиз, лам дебестен, ошону аткармай!.. Үчүнчүдөн, хандын сакчысымын, алтын башыңыздын бир жерине чымын кондурбай, көздүн карегинен да артык сактамай!..

Ж а н ч а р. Бали, Ниязгулум!.. Көөнүмө толдуң. Сен увазир болдуң. Жаныма кел.

Н и я з г у л. Чатек!

Ж а н ч а р. Аның ким?

Н и я з г у л. Мунун баасы алтындан кымбат, алдаяр ханым. Эсеби...

А л д а р к ө с ө ө. Сөз ташыгыч деп ачыгын эле айтпайсызбы, мукактанбай...

Ч а т е к. Урматтуу таксырдын кайратман увазирине ооз ачкыдай кимсиң, я?!. Алдыртыңыз башын!

А л д а р к ө с ө ө. Мен урматтуу таксырдын бир тууган кайнагасымын!

Н и я з г у л (Чатекке). Чөгөлө, жүзүкара!.. Бутун кучакта!.. Жалын!..

Ч а т е к. Кечириңиз, урматтуу кайнага! Бирөөнү урам десеңиз чоң муштум кол болуп берейин, сейилдеп басамын десеңиз таманыңызга төшөлүп, жол болуп берейин (Алдар көсөөнүн бутун өпкүлөп.) Ит болдум!.. Ит болдум!..

Ж а н ч а р (Ниязгулга). Билимдүү бала экен... Абийирдүү тура... Кичипейил... Жагып калды (Чатекке). Жаныма кел.

*Ч а т е к. “Айланайын ханым!” (деп, кубанычы койнуна батпай жүгүргөндө, шымына чалынып жыгылат. Жигит башы жүгүрүп кирет.)*

Ж а н ч а р. Эмне болду?

Ж и г и т б а ш ы. Дагы бирөө келип чыр салып атат, таксыр, мен Жанчар хандын увазири боломун деп...

Ж а н ч а р. Эмне дейт?..Увазирим мында турбайбы...

Ж и г и т б а ш ы. Ал увазир эмес, алдамчы шүмшүк, чыныгы увазир менмин дейт...

Н и я з г у л. Ошол өзү алдамчы! Алдаяр ханымдын анык увазири менмин.

Ж а н ч а р. Келсин де тигини.

Ж и г и т  б а ш ы. Куп болот, таксыр. (Чыгат.)

Н и я з г у л. Алдаяр ханым!

Ж а н ч а р. Ашыкпа, увазирим!..

*(Жигит башы, Чынарбайды ээрчитип кирет. Бир жак бутунан сылтып, бети-башы таңылуу. Бир көзү көгөрүп, бир жак жаагы чулчуюп шишип кеткен).*

Ж а н ч а р. Ой, баракелде-е!.. Мына кызыкты көрсөң! Ким деген болосуң, я?

Ч ы н а р б а й. Увазириңиз болом!

Ж а н ч а р (кыткылыктап). Увазирим болосуңбу, я?.. Анда бир сувалга жовап берчи. Увазирлик вазипанды кандайча түшүнөсүң? Сайрачы!

Ч ы н а р б а й. Жер-жерлерге коюп койгонсуз, элдин чоо-жайын тарттырганга төбөлдөрүңүз бар. Ал жагынан кам санабайм. Асыл башыңызды аман сактасын деп ордоңузду курчатып койгон жоон билек сккчыларыңыз бар. Бул жагынан да кам санабайм. Менин увазирлик вазипам бийик урматыңызга сөз тийгиздирбей, казынаңызды көздүн карегиндей сактап турмай, чака тыйындан өйдө эсепке алып, кутмандуу журтуңуздун камын көрмөй!..

Ж а н ч а р. Көрчү, ой!.. Бар окшобойбу!.. Атың ким?

Ч ы н а р б а й. Чынарбай.

Ж а н ч а р (кыткылыктап). Ой, сени өмүрү чык таттырбаган, битир деп укчу элем, мырза кийим кайдан, я?

Ч ы н а р б а й. Бу менин кийимим эмес, алдаяр ханым, бу далилим.

Н и я з г у л. Жанын жейт. Алдар көсөөнү каракчылар өлтүргөндө, бул батчагар барып, тоноп кеткен тура. Бу менин кийимим болчу. (Ортого чыгып кайкаңдап.) Алдап туруп, Алдар көсөөгө кийгизген болчумун!

Ж а н ч а р. Үкөктө эмнең бар?

Ч ы н а р б а й. Сизге тартуу. Ичи толо алтын, күмүш...

Ж а н ч а р (кубанып). Киши окшойт, ой!.. Көрөлүчү.

А л д а р  к ө с ө ө. Урматтуу таксыр!..

Ж а н ч а р. Эмне дейсиз, урматтуу кайнага?

А л д а р  к ө с ө ө. Акылман сөзүңүз невак эле тарап кеткен. Бир көзүнө ишенсе, экинчи көзүнөн шек санаган адам бу дүйнөдө кор болбойт. Бир жиликтин чучугун эки күнгө оокат кылган Чынарбай, алтын-күмүш тартуу кылам дегенине ишенбей турмун... Байкаңызчы, бүт ааламды алдап бүтүп, эми сизди тоногону келгенби дейм...

Ч ы н а р б а й. Куран урсун! Көрүңүз, алдаяр ханым! (Үкөктү ачып.) Бу эмнеси кокуй?!.

Ж а н ч а р. Ой, акмак, ичи толо эле таш турбайбы!

Ч ы н а р б а й. (өксүп). О, кудай, Алдар көсөө алдап кеткен тура!..

Н и я з г у л. Бу баштатан алдамчы, алдаяр ханым!.. Алдар көсөөнү о дүйнө жөнөткөн бул эмес, мен болчумун. Увазириңиз менмин.

А л д а р  к ө с ө ө. Хан алдында калп айтуу эр өлтүргөнгө барабар, урматтуу таксыр. Алдар көсөө өлбөй-житпей эле эл ичинде жүрөт.

А й н а г ү л. Кудайга анык сөз, хан күйөө. Мен күбөмүн.

А л д а р  к ө с ө ө. Хан күйөө!.. Ниязгул байдын үстүндөгүсү Шалдыр думананын кийимине окшоп атат го, дурустап караңызчы!

Н и я з г у л. Жалган!.. Алдар көсөөнүн өзүнүкү. Өз колум менен алмашып кийгем!

А л д а р  к ө с ө ө. Анан Ниязгул байдын колундагы аса-мусаны да алып көрүңүзчү, урматтуу ошолорду тагып алдым деп жүргөн эле...

Ж а н ч а р (аса-мусаны көрүп). Ой, шерменде, бу Шалдыр думананын аса-мусасы турбайбы!.. Кийим да ошонуку...

Н и я з г у л. Алдаяр ханым!.. Жер жүзүнөн жан койбой алдаган Алдар көсөө Шалдыр думананы алдай албас болуптурбу?

Ч ы н а р б а й. Баса десеңиз. Адам аттуунун митаамы Шалдыр думананы алдаган Алдар көсөөгө каракчылар кеп болуп калыптырбы!

Ж а н ч а р. Жөнү бар. Кана, буга эмне дейсиз урматтуу кайнага?..

А л д а р  к ө с ө ө. Болуптур, хан күйөө. Чынарбайдыкы чын болсо, менин көзүмдү караганда каткырып күлүп басып кетет, калп болсо ошол замат акылынан ажырап, көздөрү ыкшыйып, ыктытып калат. Чынарбай бай! Мен күтүп калдым.

(*Чынарбай сыртынан билдирмемиш болгону менен Алдар көсөөнүн жанына чочуңкабыраак барат. Тигиле карайт. Алдар көсөө ээгиндеги байланма сакал экенин көрсөтөт. Чынарбай тааныйт. Кыйкырууга алы келбей, оозун ачкан бойдон көздөрүн ыкшыйтып, ыктытып калат*).

Ж а н ч а р. Ой, товва, ай-йа!..

А л д а р  к ө с ө ө. Эмки кезмек Ниязгул байга келди. Аныкы чын болсо, менин көзүмдү караганда өзү минип келген көк эшектей аңылдап айкырып кетет, калп болсо колу бутун дирилдетип оозу-мурдун кыйшаңдатып калат. Ниязгул бай! Бери келиңиз. Күтүп калдым.

(*Баятадан бери кайкалаңдап турган Ниязгулдун үрөйү учкансып, алдар көсөөнүн жанына этият барат. Тигиле карайт. Алдар көсөө ээгиндеги байланма сакал экенин көрсөтөт. Ниязгул тааныйт. Бирдеңке айтамын деп айталбай, колу0бутун дирдилдетип оозу-мурдун кыйшаңдатат*).

Ж а н ч а р. Ой, товва, ай-йа!..

А л д а р  к ө с ө ө. Акылмандын акылманы, чынчылдын чынчылысыз, хан күйөө. Өзүңүз баамдаңыз, булардын ниети бузук. Жаман ой менен келишкендери байкалып калды.

Ж а н ч а р. Жигит башы!

Ж и г и т  б а ш ы. Ляппай, таксыр!

Ж а н ч а р. Кара ниет болушса да, адам аты бар. (Көзүн кысып.) Кадимкидей шаан-шөкөтү менен экөөнү тең атказып койгун, жолдоруна түшсүн!

Ж и г и т  б а ш ы. Куп болот, таксыр.

(*Ниязгул менен Чынарбай, Жигит башы баштап алып кетишет. Чатек ычкыр кашатын тутамдап, эки жагын карана артына жылат*).

Ж а н ч а р. Кыраакылыңызды өлсөм да унутпайм, урматтуу кайнага.

А л д а р  к ө с ө ө. Сиз бизге кам көрсөңүз, биз сизге кам көрмөй... Бу дүйнөнүн ырахаты – жакшылыкка жакшылык, урматтуу хан күйөө.

Ж а н ч а р. Сөз эмес бекен, а!

(*Эл арасынан жаш келин суурулуп чыгат*).

К е л и н. Хан күйөөнүн тоюна сөзгө чебер, оюнга оок, колунан көөр төгүлгөн чыгаан куда келчү эле... Муз жүрөктү эмне эритчү эле, куда, унутуп калыпмын, айтып койчу?

А л д а р  к ө с ө ө. Жалжалдын көзү, акылмандын сөзү, комуздун күүсү!

К е л и н. Черткиле комузду эмесе! (Алдар көсөөгө.) Тилинде бардын дилинде бар деген эмеспи, куда. Кана, тилиңден башка өнөрүң болсо журтуңа чачып, суй жыкчы мендей ак келинди!..

(*Алдар көсөө менен келин экөө оюнга түшөт. Алдар көсөө адегенде Жанчар ханды туурап тейтелеңдеп, анан бара-бара ар кыл айбанаттар менен адамдардын күлкүлүү кылык-жоруктарын көрсөтүп бийлейт. Акырында, жайдак абага колун шилтеп, алаканын ачса, татынакай гүлдүү жоолук желбирейт. Келинге салат*).

Ж а н ч а р (өзүнчө). Атаңдын көрү, э-эй, атаңдын көрү! Ушу кайнага жакпай турат мага!

К е л и н. Кыздар! Хан жездеңерди оюнга түшүрбөйсүңөрбү. Кулагынан чоюп, жеңкетайынан алгыла!..

(*Тоо гүлдөрүндөй түрлөнгөн кыз-келиндер чурулдап келишип, Жанчарды ортого алышат, кулагынан чоюп, оюнга түшүрүшөт, нары-бери тегеретип, үзүп-жулкуп*

*жүрүшүп, Жанчардын эсин оодарышат. Келин-кыздар бат эле караңгылыкка сиңип кетишет. Ошол замат баштанаяк кара кийинген аялдар караңгылыктан суурулуп чыгышат. О дүйнөнү элестеткекн музыка ойнойт. Кара кийинген аялдар, эси ооп жаткан Жанчарды тегеректеп бийлешет. Алкакча улам жүйрүлөт.*)

Таякчан кемпир. Сендей уулду берген уюткулуу журтубузга башыбыз курман, Алдар балам! Муратыңа жет!..

Б а р д ы к а я л д а р. Муратыңа жет!..

Ж а н ч а р (чоочуп). Эмне дейт?!. Алдар дейби?!. Силер кимсиңер? (Айланта тиктеп.) Кайдан келген каракчысыңар, я?!.

Т а я к ч а н к е м п и р. “Мен өлгөндө топуракка көмбөй, өңчөй кумурска белдер менен көөмп коюшса эмне!” – деп, зар ыйлаар элең. “Жаштын” тилегин берет деген ушул... Топуракка ыраа көрбөй, өз денебиз менен көмөлү деп келип калдык... Каракчы эмеспиз. Караңгы көрдөн жарыкка чыккан кумурска белдербиз!..

Ж а н ч а р. Мына бу эмне деп дөөрүп атат, я !.. Кала!.. Жер тамдан чыгалбайт эч ким! Чын болсо айтчы, кайсы катынымсың, атың ким?

Т а я к ч а н к е м п и р. Аял киши эркек аттууну тепчү эмес эле. Сендейге калганда боло берет. (Жанчарды белкөчүккө тээп.) Ошол катыныңмын!..

*(Жанчар ортого барып, бүктүшүп жатып калат. Кара кийинген аялдардын алкакчасы улам жүйрүлүп ортодогу Жанчарды жаап калат. Ал шоңшойгон капкара бейиттей болуп улам алыстайт.)*

А л д а р к ө с ө ө. Ырыстуу бол, Айнагүлүм. Сенин ырысың менин ырысым! Ыйлаба. Өмүр тилеп турам!..

А й н а г ү л. Мен да сизге өмүр тилеп турам, Алдар байке!

А л д а р к ө с ө ө. Жакшы кал, Эркайым.

Э р к а й ы м (Алдардан көзүн албай.) Бир жагы кейисем, бир жагы жетине албай атам. Азаптуу өмүрүмдө биринчи жолу адамга дуушар болдум, ыраазымын теңириме!

*(Кара кийинген аялдар алкакчасы, улам нарылап, бара-бара көрүнбөй калат).*

Таякчан кемпирдин үнү: Алдар балам! Жарык дүйнөнүн өзүндөй, сапарың дайыма жарык болуп турсун!

Аялдардын үнү (кайталап). Жарык дүнөнүн өзүндөй сапарың дайыма жарык болсуп турсун!

*(Тоо гүлдөрүндөй түрүлгөн кызкелиндер менен шайдоот жигиттер караңгылыктан ырдап чыгышат. Эркайым, ашпозчу, Айнагүл үчөөнө кошулуп, улам узап бараткан Алдар көсөөгө кол бугалап узатышат. Эркайым менен Айнагүлдүн көзүндө жаш).*

ТОКТОБОЛОТ
АБДУМОМУНОВ

# АЛДАР КӨСӨӨ